Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Шейшемби,
2025-жылдын
9-сентябры

№68 (3724)

www.erkin-too.kg

# АБА КАТТАМДАРЫ – БАЙЛАНЫШТЫН ЖАҢЫ ДООРУ




2-БЕТТЕ

## БУЛ САНДА:



**Аликбек ЖЕКШЕНКУЛОВ:**

### “ШКУ – ТУРУКТУУЛУКТУН ЖАНА ИШЕНИМДИН ФАКТОРУ”


3-БЕТТЕ



**Абдиламит ЖУМАШЕВ:**

### “ЖЕТИГЕН” ЖУРНАЛЫ 40 МАМЛЕКЕТТИН ИЧИНЕН БИРИНЧИ ОРУНДУ АЛДЫ”

7-БЕТТЕ



**Периза АСАНААЛИЕВА:**

### “БИЛИМ АЛСЫН, БИРОК МЕКЕНДИ ЖАНА УЛУТТУК БААЛУУЛУКТАРДЫ УНУТПАСЫН”

9-БЕТТЕ

## БИШКЕКТЕ ТӨРТ ӨНӨР ЖАЙ ИШКАНАСЫ АЧЫЛДЫ

Жакында Бишкекте 4 өнөр жай ишканасы ишке кирди. Алар «1-Индустриалдык-кампа комплекси» ЖЧКсынын кондитердик цехи, «МД-Инвест» ЖЧКсынын «Караван» соода-логистикалык борбору, «Интеграл-Гранд» ЖЧКсынын керамикалык идиш чыгаруучу ишканасы жана «Кара-Балта спирт заводу» мамлекеттик ишканасынын филиалы болгон «Идеал-Фарм» дары-дармек чыгаруучу ишканалары.

Борбордогу кондитердик цехтин ачылыш аземинде Бишкек шаарынын мэринин биринчи орун басары Мирланбек Байгончоков жаңы өндүрүш ишканалары борбор калааны өнүктүрүүнүн негизи болоорун белгиледи. Бул цех 160 адамды иш менен камсыз кылат.

Ал эми аянты 16 гектарды түзгөн "Караван" соода-логистикалык борборуна курулуш материалдарын сатууга жана атайын техниканы ижарага берүүгө адистешкен сегиз ангар кирет. Комплекс 1000ден ашык жумушчу орундарын түзүп, өлкөнүн логистикалык инфраструктурасын өнүктүрүүнүн маанилүү звеносуна айланат.

Борбордо ачылган 70 адам иштеген «Интеграл-Гранд» ЖЧКсынын керамикалык идиш-аяктарды чыгаруучу цехи сапаттуу продукция чыгаруунун толук циклин түздү. "Кара-Балта спирт заводунун" «Идеал-Фарм» филиалы болсо медициналык спиртти, антисептиктерди жана парфюмериялык-косметикалык каражаттарды чыгарууга адистешкен. Мында 150гө жакын кызматкер эмгектенет.

## КЫШТЫН КАМЫ

Бишкектеги Көлмө конушунда газ киргизүү үчүн керектүү түтүктөр толук тартылып бүттү. Конуштун жашоочуларынын 80%ы газга кошулган. Ал эми 20% тургундар көмүр жана отундун башка түрлөрүн колдонуп келишет. Бул багытта Бишкек шаарынын мэринин орун басары Рамиз Алиев баштаган тиешелүү жетекчилер жана «Айыл Банк», «Элдик Банктын» өкүлдөрү конуш тургундары менен жолугушту. Мамлекеттик банктар жеңилдетилген шартта 3% менен насыя бере тургандыгы белгилүү болду. «Газдаштыруу-3» мамлекеттик программасынын алкагында мамлекеттик банктар 150 миң сомго чейинки насыяларды эки жылга чейин күрөөсүз жана кошумча төлөмдөрсүз беришет.

**"Эркин-Тоо" пресс**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

ИШ ЖУМА

# "НАРЫН" ЖАНА "КАЗАРМАН" АЭРОПОРТТОРУ АЧЫЛДЫ




***"Нарын" жана "Казарман" аэропорттору расмий ачылды. "Нарын" аэропортунун ачылышына Президент Садыр Жапаров оффлайн, "Казарман" аэропортунун ачылышына онлайн форматта катышты.***

Аэропорттордун ачылышында Мамлекет башчысы Нарын, Тогуз-Торо райондорунун тургундарына жана Кыргызстандын авиация тармагынын өкүлдөрүнө кайрылып, Нарын облусу менен Тогуз-Торо районунун өнүгүшү жана жергиликтүү элдин ыңгайлуулугу үчүн “Нарын” жана “Казарман” аэропортторунун ишин кайрадан жандандыруу максатында реконструкцияланган аэропорттор ачылып жатканын белгиледи. Деңизге чыгуу мүмкүнчүлүгү болбогон биздин шартта аба каттамы дүйнөнүн бардык өлкөлөрү менен алака-катышыбызды арттырууда зор роль ойной турганын баса көрсөткөн Президент бул багытта "Кыргызстан аэропорттору" ачык акционердик коому бүгүнкү күндө жигердүү өнүгүү жолунда баратканын, өлкө боюнча аэропортторубуздун инфратүзүмү жаңыланып, маршруттук тармак кеңейгенин айтты. Маселен, “Талас” аэропорту өткөн жылдын май айында ишке берилсе, “Каракол” эл аралык аэропорту өткөн жылдын соңунда ачылды. “Ош” жана “Тамчы” аэропортторунда жүргүнчүлөр терминалдары курулууда, “Манас” аэропортунда учуп-конуу тилкеси жаңыланып, аэровокзал кеңейтилүүдө.

Ошондой эле быйыл Кыргызстандын авиация тармагында дагы бир жаңы барак ачылып, эгемен Кыргызстандын тарыхында биринчи жолу “Жалал-Абад” эл аралык жаңы аэропортунун курулушу башталды. Белгилей кетсек, совет доорунда курулган аэропортторубуз ошончо мезгилден бери бир да жолу капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөн эмес. Кезинде жашоо-турмуш жагдайына байланыштуу жүргүнчүлөрдүн жоктугунан аба каттамы азайып, “Нарын” аэропорту 1999-жылдан тарта ишин токтотткон. Кечээтен тарта Бишкек – Нарын – Бишкек аба каттамы расмий ишке кирип, жанданды. “Нарын” жана “Казарман” аэропорттору тоолуу аймактардын транспорттук түйүнү болгондуктан, алардын иштөөсү Нарын облусунун, Тогуз-Торо районунун жашоочуларын бүткүл Кыргызстандын жашоочулары менен



алака-катышын арттырууга чоң салым кошот.

## КИЙИНКИ ЖЫЛЫ ЭКИ УЧАК САТЫП АЛЫНАТ

Мамлекет башчысы Садыр Жапаров белгилегендей, “Нарын” жана “Казарман” аэропортторундагы аткарылган иштердин баары “Кыргызстан аэропорттору” компаниясынын өздүк каражатынын эсебинен жүргүзүлдү. Бул компания жогоруда айтылган ири масштабдагы инфратүзүмдүк долбоорлорду ишке ашырууга жалпы 8 млрд 175 млн сом каражат бөлдү. Жүргүнчүлөрдү тейлөө инфратүзүмүн жакшыртуу максатында атайын техникалар жана жабдуулар жалпы суммасы 3 млрд 356 млн сомго алынды. Бул биздин авиация тармагыбыздын өз алдынча ийгиликтүү иш алпарып жаткандыгын көрсөтүп турат.

Мындан тышкары, “Кыргызстан аэропорттору” ачык акционердик коому өз каражаттарынын эсебинен өлкөнүн авиация паркын жаңы аба кемелери менен толуктап, “Асман Эйрлайнс” авиакомпаниясы үчүн “Бомбардиер Даш-8” (Bombardier DASH 8 Q400) үлгүсүндөгү үч аба кемесин сатып алууга жалпы суммасы 2 млрд 385 млн сом бөлгөн. Ошондой эле эмки жылга дагы бир “Бомбардиер Даш-8” үлгүсүндөгү учакты, ал эми эл аралык каттамдарды аткаруу үчүн “Боинг” же “Эйрбас” сымал чоң учактарды сатып алуу пландалган. Мындай учактардын ишке кириши менен ички каттамдардын туруктуулугу жана жеткиликтүүлүгү бекемделип, эл аралык каттамдардын саны кескин көбөйөт. “Бомбардиер Даш-8” учагы менен Бишкек–Нарын–Бишкек жана Бишкек–Казарман–Бишкек каттамын үзгүлтүксүз жүргүзүү мерчемделүүдө.

## "КАРА ТИЗМЕДЕН" ЧЫККАНГА АЗ КАЛДЫ

Кыргызстан авиация жаатында эл аралык деңгээлде да ишенимдүү кадамдарды таштап жатканын баса белгилеген Президент Садыр Жапаров Европа Биримдигинин “кара тизмесинен” чыгуу боюнча акыркы этапка келгенин билдирди.

“Алдыда, 7-октябрда биздин Жарандык авиация агенттигинин делегациясы Брюсселде Еврокомиссия менен маанилүү жолугушуу өткөрөт. Андан кийин акыркы аудит 2025-жылдын декабрында болот. Ошентип 2006-жылдан бери жабык турган Европа асманы Кыргызстан үчүн кайрадан ачыларына биз бекем ишенебиз. Биздин аэропортторубуз Европа өлкөлөрүнө 20 жыл бою жабык туруп, эми Кудай буюрса, мына кайрадан ачылат. Бул өлкөбүз Европа өлкөлөрүнүн миллиондогон туристтери үчүн жеткиликтүү болот дегенди билдирет. Буюрса Кыргызстан таза табиятты, көөнө маданиятты жана жаңы багыттарды жогору баалаган ири рынокко чыгат” - деди Өлкө башчысы.

Ошондой эле 20-августта Кытай Эл Республикасы менен Кыргызстандын Нарын облусунан өтө турган жаңы аба жолу боюнча келишимге кол коюлганы маалым болду. 30-октябрда бул аба трассасы иштей баштайт. Натыйжада Кашкардан Борбор Азиянын бардык аэропортторуна чейинки аралык эки эсеге кыскарат. Кыргызстандын транзиттик мүмкүнчүлүгү кеңейет жана өлкө стратегиялык көпүрөгө айланат.




# НАРЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК ДОЛБООРЛОР

***Президент Садыр Жапаров Нарын облусуна жумушчу сапарынын алкагында Нарын шаарын өнүктүрүүгө жана шаардыктардын жашоо сапатын жакшыртууга багытталган бир катар социалдык жана инфраструктуралык долбоорлордун курулушунун жүрүшү менен таанышты.***

Атап айтсак, Мамлекет башчысы Мамлекеттик ипотекалык компаниянын линиясы боюнча Нарында салынып жаткан көп кабаттуу үйлөрдүн курулушун көрүп чыгып, региондун жашоочулары үчүн батирлердин санын көбөйтүүнү тапшырды. Андан соң Президент инновациялык-креативдик борбордун, ошондой эле бир катар маданий жана социалдык инфраструктура объектилеринин курулушунун жүрүшү жана курулуп жаткан жол иштери менен таанышты. Мындан тышкары, Чек ара кызматынын Тайлак Баатыр атындагы Нарын облусу боюнча башкармалыгынын жер тилкелери жөнүндө маалыматты укту.

Объектилерди кыдырып чыккан соң Президент Садыр Жапаров бардык белгиленген долбоорлорду өз убагында ишке ашыруунун жана сапаттын заманбап стандарттарын сактоонун маанилүүлүгүн баса белгиледи.

# 20 ЖЫЛДЫК МААРАКЕ

***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев КРнын Финансы министрлигине караштуу Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын кызматкерлерин ведомствонун түзүлгөндүгүнүн 20 жылдык маарекеси менен куттуктады.***



Өткөн жыйырма жыл ичинде Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматы өлкөнүн каржы жана экономика коопсуздугун камсыз кылуу боюнча улуттук системанын ажырагыс бөлүгүнө айланганын белгилеген Адылбек Касымалиев мекеменин кызматкерлери жогорку кесипкөйлүк, принципиалдуу позиция менен терроризмди каржылоого жана кылмыштуу жол менен табылган кирешелерди адалдоого каршы күрөшүүдө маанилүү милдеттерди ийгиликтүү аткарып, өлкөбүздүн каржы системасына болгон ишенимди бекемдеп жатканын айтты.

“Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерин аткарууга кошкон салымыңыздар жогорку баага татыктуу. Дал ушул сиздердин тажрыйбаңыздар жана ишке берилгендигиңиздер бүгүнкү ийгиликтердин негизин түздү. Мындан ары да сиздер милдеттериңиздерди урмат-сыйга татыктуу аткарып, каржылык айкындык институттарын бекемдөөгө жана Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүшүнө салым кошо бересиздер деп ишенем” - деди Министрлер Кабинетинин Төрагасы.

# БАЛДАРГА КАМКОРДУК КЕРЕК

***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев борбор калаадагы азиз жана көрүүсү начар балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү мектеп-интернатына барып, өлкөнүн бардык аймактарынан келген окуучулардын окуу жана жашоо-шарттары менен таанышты.***



Адылбек Касымалиев окуу корпустарын, жатакананы, окуу устаканаларын, спорттук аянтчаны, ашкананы, спорттук жана жыйындар залдарын жана медициналык пунктту көрүп чыккандан кийин мектеп-интернаттын жетекчилиги жана педагогикалык жамааты менен жолугушуу болду.

Текшерүүнүн жыйынтыгында 1939-жылдан бери иштеп келе жаткан мектеп-интернат комплекстүү жаңылоону талап кылары белгиленди. Мектептин имаратын көрүп чыгуу учурунда Адылбек Касымалиев бардык зарыл талаптарга жооп берген жаңы заманбап мектеп-интернатын куруу боюнча сунуштарды даярдоону тапшырды.

**Зулпукаар САПАНОВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО
№68 (3724)
2025-жылдын 9-сентябры


ДҮЙНӨЛҮК АЛКАКТА



# ШКУ ТРАНСРЕГИОНАЛДЫК БИРИКМЕГЕ АЙЛАНДЫ

***Ушул жуманын башында Кытайдын Тяньцзин шаарында Шанхай кызматташтык уюмунун кезектеги саммити өтүп, эл аралык коомчулукта ири иш-чаралардын эң орчундуусу катары талкууланып жаткан чагы. Жалган айткан менен болобу, учурда геосаясий абал бир топ татаалдашып, ири державалардын арасында тизгин талашуу маселеси күн тартибине коюлууда. Атургай, бири экинчисине өз баалуулугун таңуулоодо согуш оту тутанып, адам өмүрлөрү күн сайын кыйылууда. Мындай шартта кылымдардан бери кызматташып, алака-катыш кылып келген өлкөлөр өз коопсуздугун камсыздаган уюмдарга баш бириктирүү зарылдыгы жаралат. Анын бири бүгүнкү күндө ШКУ экени ачык байкалууда.***

Эч кимге жашыруун эмес, учурда дүйнө өтө тездик менен өзгөрүп, мурдагы тартиптин бузулушу көптөгөн кризистерди жана чырчатактарды жаратууда. Дүйнөлүк башкаруу Батыштан Чыгышка ооп жатат дегендер да жок эмес. Бул жагдайдан алып караганда Шанхай кызматташтык уюмундагы өлкөлөр туруктуу жүрүштөрдү жасап жатат. Эч нерсеге буйдалбастан инфраструктуралык долбоорлорду ишке ашырып, экономикалык жактан бекемделүүдө.

Тарыхка үңүлсөк, ШКУну Кытай, Россия жана Борбор Азия өлкөлөрү – Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан жана Тажикстан 2001-жылдын 15-июнунда негиздеген. Алты мамлекеттин башын кошкон бул уюм өзүнүн уюшулушун кошуналык өз ара ишенимдерди бекемдөө, саясий, соода-экономикалык, коопсуздук, маданий багыттагы кызматташтыкты чыңдоо максаттары менен негиздеген. 24 жыл өткөндөн кийин ШКУнун толук кандуу мүчөлөрүнүн саны да арбып, талкууланган темалардын күн тартиби да кыйла кеңейди. Мындайча айтканда, ШКУ – ири трансрегионалдык бирикмеге айланды. Кечээки Тяньцзин шаарындагы саммит муну тастыктады десек жаңылышпайпыз. Ага Россия, Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан, Өзбекстан, Индия, Пакистан, Иран, Беларусь баш болгон 20дан ашык мамлекеттин лидерлери катышты. Кытайдын төрагасы Си Цзиньпиндин чакыруусу боюнча Түркиянын Президенти Режеп Тайип Эрдоган жана 10 эл аралык уюмдун жетекчилери да келди. Өнөктөш макамына ээ мамлекеттердин башчылары гана эмес, БУУнун Башкы катчысы Антониу Гутерриш да болду.

Тяньцзинь шаарында Шанхай кызматташтык уюмуна мүчө мамлекеттердин башчыларынын кеңешинин 25-жыйыны өтүп, ага КЭРдин Төрагасы Си Цзиньпин, Россиянын Президенти Владимир Путин, Кыргызстандын Президенти Садыр Жапаров, Казакстандын Президенти Касым-Жомарт Токаев, Өзбекстандын Президенти Шавкат Мирзиёев, Тажикстандын Президенти Эмомали Рахмон, Беларусь Республикасынын Президенти Александр Лукашенко, Индиянын Премьер-министри Нарендра Моди, Ирандын Президенти Масуд Пезешкиан, Пакистандын Премьер-министри Шахбаз Шариф катышты.

Мамлекет Башчысы өз сөзүндө мындай форматтагы жолугушуу диалогдун маанилүүлүгүн жана өлкөлөр ортосундагы достук, кызматташтык жана ишенимди өнүктүрүүгө болгон жалпы умтулууну өзгөчө баса көрсөтөрүн белгиледи. ШКУнун эл аралык аброюна басым жасап, БУУнун борбордук ролу менен эл аралык укукка негизделген дүйнөлүк тартипти ырааттуу түрдө жактап жатканын айтты. Маселен, кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасы жөнүндө келишим жана Кыргызстан, Тажикстан жана Өзбекстандын ортосундагы үч мамлекеттин мамлекеттик чек араларынын кесилиши жөнүндө келишим буга далил боло алат. Садыр Жапаров эки документ тең ШКУнун негизги максаттарына – тынчтыкты жана коопсуздукту сактоого, өз ара ишенимди бекемдөөгө жана аймакта өз ара пайдалуу кызматташтыкты өнүктүрүүгө өлкөлөрдүн кошкон маанилүү салымы экенин баса белгиледи.

Баса, ШКУнун кийинки төрагалыгы Кыргызстанга өтүп, ал кийинки жылы "ШКУнун 25 жылдыгы: туруктуу тынчтык, өнүгүү жана гүлдөп-өсүүгө бирге" деген ураандын астында белгиленмей болду. Уюмдун түптөлүшүнө салым кошкон мамлекет катары анын өнүгүүсүнө жаңы дем берүү, анын глобалдык ролун бекемдөө, ошондой эле достук жана ынак коңшулаштыкты мындан ары тереңдетүүгө көмөктөшүү мүмкүнчүлүгү катары белгиленди. Алардын биринчиси – узак мөөнөттүү туруктуулукту камсыз кылуу. Кыргызстан ШКУга мүчө мамлекеттердин коопсуздугуна каршы коркунучтар менен чакырыктарга каршы күрөшүүгө багытталган жамааттык аракеттерди күчөтүүнү улантат. Алгачкы кезекте, терроризмге, сепаратизмге жана экстремизмге каршы туруу жөнүндө сөз болуп жатат. Айта кетсек, кыргыз тараптын демилгеси менен Бишкекте түзүлүп жаткан Трансулуттук уюшкан кылмыштуулукка каршы күрөшүү борбору ШКУ мейкиндигиндеги эл аралык уюшкан кылмыштуу топтордун мыйзамсыз ишмердүүлүгүнө каршы күрөшүүдө жалпы ишке олуттуу салым кошмокчу.

Экинчиси – экономикалык кызматташтыктын мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыруу зарыл. Бул маселеде Кыргызстан уюмдун натыйжалуу каржы механизмин түзүү маселесин тездетүүнү, анын ичинде аймактык экономикалык интеграцияга көмөктөшүү менен ШКУнун Өнүктүрүү банкын, Өнүктүрүү фондун жана Инвестициялык фондун түзүүнү сунуштады. Ошого катар эл аралык автомобиль жана темир жол ташуулары үчүн жагымдуу шарттарды түзүү боюнча көп тараптуу кызматташтыкты өнүктүрүүнү да сунуш кылды. Бул жаңы транспорттук каттамдарды түзүүнү жана ШКУга мүчө мамлекеттердин транзиттик-транспорттук потенциалын натыйжалуу пайдаланууну да камсыздайт.

Белгилей кетсек, Кытай төрагалык кылып турган мезгилде санариптик трансформацияга, туруктуу өнүгүүгө жана ШКУнун эл аралык байланыштарын кеңейтүүгө өзгөчө маани берди. Кытайдын салымынын аркасында уюм таасирдүү, динамикалуу жана глобалдуу болуп калды. Негизи, Кытай ШКУнун негизги архитекторлорунун бири. Уюм негизделген күндөн тартып өз ара пайдалуу интеграция идеяларын көтөрүп, "Бир алкак – бир жол" сыяктуу демилгелерди айкалыштырып, коопсуздук, инфраструктура, билим берүү долбоорлорун жигердүү ишке ашырууну ырааттуу түрдө алдыга жылдырып келе жатат. Биз дагы ошол ыргак менен уюмдун пайдубалын бекемдешибиз зарыл.



**Кыргызстандын мурдагы Тышкы иштер министри Аликбек ЖЕКШЕНКУЛОВ:**

- ШКУ туруксуздук доорунда туруктуулуктун жана ишенимдин факторуна айланышы мүмкүн. Уюм конфронтацияга эмес, өз ара пайдалуу кызматташтыкка; үстөмдүккө жана диктаторлукка эмес, чыныгы теңдикке негизделген эл аралык өз ара аракеттенүүнүн альтернативдүү моделин сунуштай алат. ШКУ ар бир өлкө улуттук эгемендүүлүгүн, маданий өзгөчөлүгүн жана экономикалык көз карандысыздыгын сактаган адилеттүү, инклюзивдүү глобалдашуу моделин илгерилетет. Бул азыр батыштын салттуу глобалдык башкаруу моделдеринин кризисинин фонунда өзгөчө актуалдуу. Ошондой эле ШКУнун өнүгүү контекстиндеги стратегиялык долбоорлордун бири “Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан” темир жол коридору болуп саналат. Бул долбоор Евразиядагы негизги инфраструктуралык долбоорлордун бири, ал аймактык логистиканын, сооданын жана экономикалык өз ара байланыштын түзүмүн өзгөртүүгө жөндөмдүү. Долбоор үч катышуучу өлкө үчүн гана эмес, бүтүндөй ШКУнун архитектурасы үчүн да маанилүү.



**Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтунун директору Токон МАМЫТОВ:**

- ШКУда талкууланган бардык маселелерге дүйнө эли көңүлүн буруп, дыкат карап турат. Азыр Россия, Кытай, Индиянын дүйнө экономикасындагы орду бааланып, өзгөчө кызыгууну жаратууда. Негизи, дүйнөлүк башкаруу Батыштан Чыгышка ооп, өзгөрүүлөргө дуушар болууда. Буга экономикадагы, саясаттагы, эл аралык мамиледеги кырдаал негиз берип жатат. Азыр аналитиктер дүйнөлүк тартиптин, коопсуздуктун архитектурасы урап баштаганын айтууда. Ушундай учурда ШКУ жана БРИКС алардын ордун басат.

**Зулпукаар САПАНОВ**




## БУУну РЕФОРМАЛОО ЗАРЫЛБЫ?

Кытайдын Тяньцзин шаарында өткөн Шанхай кызматташтык уюмунун саммитинде Казакстандын Президенти Касым-Жомарт Токаев куралдуу жаңжалдар тууралуу маселе көтөрүп, БУУну реформалоо керек деген оюн айтты.

"Бүгүнкү татаал геосаясий реалдуулукта БУУну универсалдуу жана көз карандысыз уюм катары колдошубуз керек. Ошол эле учурда БУУну, биринчи кезекте анын негизги органы болгон Коопсуздук кеңешин реформалоо зарыл. Мындай реформа оңой эместигин түшүнүп турабыз, бирок андан башка жол жок. Эгерде азыркы лидерлер аны аткаруудан баш тартса, мамлекеттер БУУга ишенбей калышы мүмкүн" деди казак президенти.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

КҮНДҮН СОБОЛУ

# Парламенттин мөөнөтүнөн мурда таркашын колдойсузбу?




***Мына ушундай суроону берели дедик. Коомчулукта, саясий элитанын арасында, айрыкча Жогорку Кеңештин ичинде бул тема актуалдуу болуп жатат. Мындай күбүр-шыбыр сөздөрдөн улам БШК төрагасы Тынчтыкбек Шайназаровдун "Борбордук шайлоо комиссиясы парламенттик шайлоону өткөрүүгө даяр" деген кеби бир топ талкууларга жем таштады. Мындай шартта биз VII чакырылыштагы парламент өз мөөнөтүнүн акырына чейин иштеши керек беле? Дегеле Жогорку Кеңештин мөөнөтүнөн мурда таркашы колдоого аларлыкпы? – деген соболдор менен аттуу-баштуу инсандарга кайрылдык.***



**Жогорку Кеңештин мурдагы төрагасынын орун басары Мирлан БАКИРОВ:**

## "ШАЙЛООНУ МЫЙЗАМДУУ МӨӨНӨТҮНДӨ ӨТКӨРҮҮ ЗАРЫЛ"

- Учурдагы VII чакырылыштын депутаттары Жогорку Кеңеш менен Президенттин шайлоо жөнүндөгү (Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамы. 2011-жылдын 2-июлу №68) Конституциялык мыйзамга ылайык аралаш (партиялык жана бир мандаттуу) курамда шайланып келишкен. Ошол мөөнөт ичинде шайлоо жөнүндө жаңы мыйзамды кабыл алып беришти. Эми келечекте жаңы мыйзам жана жаңы ыкма менен шайлоо өтмөкчү. Аталган мыйзам талкуу болуп жатканда эл арасында мөөнөтсүз шайлоо тууралу көп сөздөр болгон. Ошол мезгилде азыркы Төрага Нурланбек Тургунбек уулу бул боюнча Мамлекет башчысы менен пикир алышкандыгын, мөөнөтсүз шайлоо болбой тургандыгын жогорку трибунадан билдирген. Аныгында эл өкүлдөрү өздөрүн өздөрү таратуу ыйгарым укугуна ээ. Ал үчүн депутаттардын жалпы санынын 3/1и демилге көтөрүшү мүмкүн. Демилге албетте, басымдуу көпчүлүк добуш менен кабыл алынат. Мен жакында депутат Жанар Акаевдин парламенттик жана президенттик шайлоо боюнча интервьюсун көрдүм. Менимче, мурдагы кесиптешимдин айткан пикирлери негиздүү. Албетте, негизи стабилдүү шайлоо өз учурунда өтүш үчүн келечекте жергиликтүү жана Жогорку Кеңештин шайлоолорун бир мезгилге жана Конституциялык мөөнөткө ылайыктоо зарыл деп ойлойм. БШК парламенттик шайлоону өткөргөнгө даяр болсо, белгиленген мөөнөттө шайлоого катышууга шайлоочулар деле даяр го деген ойдомун.



**Жогорку Кеңештин мурдагы депутаты Алмазбек ЭРГЕШОВ:**

## "ПАРЛАМЕНТТИК ШАЙЛООНУН БЫЙЫЛ ӨТКӨНҮ ТУУРА БОЛМОК"

- Жогорку Кеңештин мөөнөтүнөн мурда тарай турганы боюнча күбүр-шыбыр кептер элдин оозундагы лозунг сыяктуу айтылып жатканына 6-7 ай болуп калды. Мындай кептерди айрымдар акырындап "жылжыта" чыгарып отурушуп, элдин кулагын кадимкидей көндүрүп коюшту. Жеке менин көз карашым, парламенттик жана президенттик шайлоонун бир жылда болгону туура эмес. Эки шайлоонун ортолорунда куру дегенде 2 жылдык убакыт болсо жакшы болмок. Бюджетке дагы жүк болбой... Бир эседен эл үчүн дагы ойлонгонго убакыт болмок. Буга чейинки тарыхыбызда революциялардын бардыгы шайлоодон кийин болгон. Ошондуктан, парламенттик шайлоонун быйыл өткөнү туура деп ойлойм.



**Жогорку Кеңештин мурдагы депутаты Ыргал КАДЫРАЛИЕВА:**

## "ГЕНДЕРДИК САЯСАТТА АСТЫГА ОЗДУК..."

- Шайлоо боюнча жаңы мыйзам кабыл алынгандан кийин Жогорку Кеңештин тарашы логикалык жактан да туура келет деп ойлойм. Жаңы мыйзамдын эрежелери менен жаңы депутаттар шайланып келиши керек. Алдыдагы келе турган Жогорку Кеңеште гендердик саясат мыйзам талаптарына толук кандуу жооп берээри мени кубандырды. Муну менен биз гендердик саясатта Орто Азия өлкөлөрүнүн ичинен астыга оздук десем жаңылышпайм.



**Укук коргоочу Качкын БУЛАТОВ:**

## "ТАРАТУУ ДЕМИЛГЕСИН КОЛДОЙМ"

- Бул чакырылыштагы парламентти мөөнөтү бүтө электе таратуу демилгесин колдойм. Анткени, аракеттеги чакырылыштын мыйзамда каралган мөөнөтү эмдиги жылдын соңунда бүтүп, парламенттик шайлоо ноябрь айында өтөт экен. Эми элестеткиле, 2026-жылдын ноябрь айынын соңу парламенттик шайлоо, арадан туура 2 ай өткөн соң 2027-жылдын январь айы өлкөбүздө президенттик шайлоо болгону турат. Парламенттик шайлоодон соң ниети бузук күчтөр жеңилүү ызасы менен өлкөгө баш аламандык же тозтополоң уюштуруп жиберишсе, анда 2 айдан кийин президенттик шайлоонун өтүшүнө доо кетет да, туурабы? Ошондуктан, азыркы чакырылыштагы эл өкүлдөрүн дароо таратып, жаңыдан шайлоо жарыяланышы керек. Кыргыз парламенти кийинки чакырылышта күчтүү эл өкүлдөрүнөн куралышы зарыл.



**Коомдук ишмер Кубат БОЛОТКАНОВ:**

## "ПАРЛАМЕНТТИН ТАРААР-ТАРАБАШЫ ЭЛ ҮЧҮН МААНИЛҮҮ ЭМЕС"

- Ачыгын айтканда, парламенттик башкаруудагы өлкө болбогондон кийин азыркы парламент тарайбы, тарабайбы элге баары бир болсо керек. Анын үстүнө учурдагы парламенттин 15-20 эле депутатын таанып басак, калганын эл билбейт. Ал эми 30 округдагы шайлоонун кандай өтөрүн да алдын ала айтыш кыйын. Менин жеке оюмда, Жогорку Кеңешке болгон шайлоо партиялык тизме аркылуу өтсө дурус болмок. Бирок, биз келечекте кайра эле партиялык жолго барабыз деген оюмдамун. Партиялардын парламенттеги "даңазалуу доорун" көрүп калбадык беле. Ошол себептен болсо керек, азыркы чакырылыштагы депутаттарга алымсынбайбыз.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

# "БЛОКАДА ЖАҢЫРЫГЫ" АКЦИЯСЫ

***Бишкекте кечээ 1941-жылдын 8-сентябры – Ленинград блокадасынын башталган күнүнө карата "Блокада жаңырыгы" акциясы өттү. Бул тууралуу уюштуруучулар билдирди.***

Мугалимдер менен окуучулар Ыйык Владимир князынын мектебине, "Российская газета" басылмасынын Борбор Азия боюнча аймактык өкүлчүлүгүнө жана №60 орто мектепке барышты. Окуучулар ар бир аялдамада согуш жөнүндө ырларды жана Даниил Гранин менен Алесь Адамовичтин "Курчоодогу китеп" чыгармасынан үзүндүлөрдү окушту. Балдар ошондой эле блокадачыларга ыраазычылык каттарын жазышты. Ошол кездеги адамдардын тагдыры, азап-тозоктору тууралуу айтып беришти. Акция Даниил Гранинди мурасын сактоо жана жайылтуу фондунун демилгесинин алкагында өттү.



Бул иш-чаранын максаты – жаш муундарга тарыхты жеткирүү. Улуу Ата Мекендик согуштагы курман болгондорду эскерүү жана Ленинград блокадасынын тарыхый маанисин жаш муунга жеткирүүгө жана тынчтыктын баа-баркын даңазалоого багытталган.

"Блокада жаңырыгы" эрдиктин жана эскерүүнүн символу болгон Ленинградды, тарых сакталган Юграны жана блокададагы Ленинграддан келген балдарды кабыл алып, өз жоокерлерин Невскийге жөнөткөн Фрунзе шаарын бириктирди. Акция совет элинин эрдиги менен кайраттуулугун эскерткен иш-чара болуп калат", - деп айтылат маалыматта.

Эске салсак, 1941-жылдын 8-сентябрында Германиялык жана финдик күчтөр шаарды курчоого алышкан. Бул окуя адамзат тарыхындагы эң оор курчоолордун бири болуп эсептелет. Шаарга бардык жер аркылуу жолдор тосулган. Кышында бир гана Ладога көлүү аркылуу муз үстүнөн азыктүлүк жана жардам жеткирилип турган. Курчоодо 1 миллиондон ашуун адамдардын көбү ачкачылыктан жана суукт... каза болгон. Каргашалуу окуя 1944-жылдын 27-январында аяктаган, мындайча айтканда 2 жыл 4 айга жакын созулган.

**Бактыгүл КУЛАТАЕВА**

ГЕОСАЯСАТ

## Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтунун директору Токон МАМЫТОВ:

# “БОРБОР АЗИЯ ЛИДЕРЛЕРИ СТРАТЕГИЯЛЫК ДЕМИЛГЕЛЕРДИ ИШКЕ АШЫРУУСУ ЗАРЫЛ”

***Учурда Борбор Азияга дүйнөнүн кызыгуусу артууда. Америка, Кытай, Япония, Европа өлкөлөрүнүн биргелешкен саммиттерин көрүп жатабыз. Албетте, дүйнө менен кызматташуу зарыл. Бирок, эң алды коңшу өлкөлөр өздөрү биримдикте, ынтымакта болуусу шарт. Ооба, учурда алгылыктуу иштер жүрүүдө. Ортодо келишимдер түзүлүп, абройлуу уюмдар иш аткарууда. Ушул маселе боюнча Токон Мамытовду кепке тарттык.***

**- Токон Болотбекович, азыркы геосаясий кырдаалда Борбор Азия кызматташтыгынын чыңдалышы зарыл болуп турат. Кечээ кандай эле, бүгүн эмне кылышыбыз керек?**

- Борбор Азия союзу жана кызматташуу идеяларынын түзүлүшү жана трансформациясынын хронологиясы 1991-жылы башталган. Маселен, 1991–1993-жылдары алгачкы координациялоо иштери старт алган. Анткени, 1991-жылдын 8-декабры СССР ыдырап, КМШ түзүлөт. Борбор Азия мамлекеттери КМШга киргенине карабастан, өзүнчө субрегиондук форматтын зарылдыгын түшүнө башташат. 1993-жылы Казакстан, Кыргызстан жана Өзбекстан арасында (Ташкент) Түбөлүк достук жөнүндө келишимге кол коюлат. Бул үч тараптуу жакындашуунун биринчи расмий документи болуп эсептелет. Ошентип, 1994–2001-жылдары Борбор Азия ошол келишим менен иштеп, 1994-жылдын 10-январында Назарбаев, Акаев жана Каримов Борбор Азия союзун (БАС) түзүшөт. Анын максаты – экономикалык интеграция, товарлардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн, капиталдын жана эмгек күчүнүн эркин жүрүшүн камсыз кылуу болот. 1998-жылдын 26-мартында Астанада БАСка Тажикстан кошулат. Ошондо БАС Борбор Азия экономикалык коомчулугуна (БАЭК) атын өзгөртөт. Соода-экономикалык кызматташуу басым күчөтүлөт. 2001-жылы БАЭК Борбор Азия кызматташтык уюмуна (БАКУ) айланып, максаттары кеңейет. Коопсуздук жана суу-энергетикалык маселелер кошулат.

**- Россия качан кошулган?**

- Россия 2004-жылы аталган интеграция уюмга, БАКУга кошулат. 2005-жылдын 6-октябрында БАКУ жоюлуп, Евразия экономикалык коомчулугуна (ЕврАзЭС) деп аталган уюмга интеграцияланат. Негизинен БАКУ жоюлгандан кийин регионалдык демилгелер ар башка алкакта ишке аша баштайт. Атап айтсак, ЕврАзЭС (2014-жылга чейин), ЖККУ (аскерий-саясий тармак), ШКУ (Кытай жана Россиянын катышуусу менен). 2017-жылы Өзбекстандагы бийлик алмашуудан кийин, тагыраагы Ш.Мирзиёев келгенден кийин активдүү регионалдык дипломатия башталат. 2018-жылдын 15-мартында Астанада Борбор Азия өлкөлөрүнүн лидерлеринин 1-Консультативдик



жолугушуусу өтөт (Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан, Түркмөнстан, Өзбекстан). Максат — «бештик» форматындагы туруктуу диалогду калыбына келтирүү болгон. 2019-жылы Ташкентте 2-жолугушуу өткөн. 2021-жылдын 6-августунда Түркмөнстанда 3-жолугушуу өтүп, соода, транспорт жана маданият боюнча бир катар келишимдерге кол коюлат. 2022-жылдын 21-июлунда Чолпон-Ата шаарында 4-жолугушуу өткөн. Анда Чолпон-Ата келишими, Борбор Азияда XXI кылымда достук, жакшы коңшулук жана өнүгүү жөнүндө документ кабыл алынат. Казакстан, Кыргызстан жана Өзбекстан кол койгон. 2024–2025-жылдары интеграциялык иштер күчөдү. Быйыл Борбор Азиянын Коопсуздук жана туруктуу өнүгүү боюнча кеңешин түзүү идеясы талкууланды. Быйыл Ташкентте 6-жолугушуу өтөт. Күндөлүк темалар: климаттык чакырыктарга жооп кайтаруу, азык-түлүк коопсуздугу жана транспорт-логистикалык коридорлорду реформалоо. Белгилей кетишибиз керек, азыр сүйлөшүүлөр тышкы державалардын үстөмдүгүсүз өтүп жатат. Бул эң негизги жетишкендик. Бирок, Кытай, Россия, ЕБ жана Түркия менен ачык кызматташтыктагы XXI кылымдагы Борбор Азия союзунун бейрасмий модели кызуу талкууланууда. Биз ушул алкакта иш жүргүзө беришибиз зарыл.

**- Жогоруда сөз кылган Чолпон-Ата келишиминин негизги жоболоруна токтоло кетсеңиз?**

- 2022-жылдын 21-июлунда Чолпон-Ата шаарында өткөн Борбор Азия мамлекет башчыларынын Төртүнчү Консультативдик жолугушуусу өзгөчө маанидe экенин айтып коюшум керек. Эксперттер аны аймактык интеграцияны, мүмкүн болушунча, тышкы күчтөрдүн түздөн-түз аралашуусуз өнүктүрүүгө багытталган маанилүү кадам катары баалашууда. Келишимдин негизгилерине токтолсом, эң башкысы күч колдонбоо жана геосаясий көз карандысыздык. Анда тараптар бири-бирине карата күч колдонбоо же күч колдонуу менен коркутуудан баш тартууга жана тынчтык менен коопсуздукту камсыздоо багытында аракеттерин координациялоого макул болушкан. Бул жобо документтин негизги пункттарынын бири болуп саналат. Экинчиси, Борбор Азия өлкөлөрүнүн стратегиялык өнөктөштүгү. Аталган келишим Борбор Азиядагы беш мамлекеттин терендетилген кызматташтыгына тарыхый мүмкүнчүлүк ачары белгиленген. Формалдуу түрдө документке үч өлкө кол койгон, бирок Тажикстан менен Түркмөнстан ички тартиптик жол-жоболор аяктагандан кийин кошулаары күтүлгөн. Үчүнчүсү, консультациялар жана координация механизмдери. Ал келишимге ылайык, коопсуздук кеңештеринин катчылары жана тышкы иштер министрлери деңгээлинде үзгүлтүксүз консультацияларды өткөрүү механизми түзүлөт. Мындай жолугушуулар жылына эки иреттен кем эмес өтүшү керек. Максаты – регионалдык коркунучтарга ыкчам жооп берүү жана бирдиктүү позицияны иштеп чыгуу. Төртүнчүсү, инфраструктура жана соода-логистикалык тармакты өнүктүрүү. Документте чек арага жакын жайгашкан соода-экономикалык хабдардын тармагын түзүү каралган. Бул система товарларды жеткирүүнүн бирдиктүү механизмин (Common Goods Transmission System) өнүктүрүүгө, инфраструктуралык чектөөлөрдү жоюуга жана экономикалык өз ара байланыштуулукту күчөтүүгө багытталган. Мына ушуларды ишке ашырып, келишимдерди так сактасак, биздин ортодо ынтымак орноп, дүркүрөгөн өнүгүүгө карай кадам шилтей беребиз.

**- Глобалдык өзгөрүүлөр шартында Борбор Азиянын ролун күчөтүү үчүн дагы кандай комплекстүү нерселерди иштеп чыгышы керек деп ойлойсуз?**

- Дүйнөлүк күч борборлорунун атаандаштыгы күчөгөн, климаттык чакырыктар, энергетикалык өнүгүү жана экономиканын санариптешүүсү жүрүп жаткан учурда Борбор Азия өлкөлөрү өз аракеттерин бир катар маселелерде макулдашып жүргүзүүгө тийиш деп эсептейм. Бул үчүн аймактагы мамлекет башчылары төмөнкү стратегиялык демилгелерди биргелешип карап чыгып, ишке ашыруусу зарыл. Мен айрымдарына токтоло кетишим керек. Маселен, суу-энергетикалык коопсуздук жана климаттык туруктуулук керек. Анда чектеш сууларды акылга сыярлык пайдалануу боюнча өз ара милдеттенмелерди, гидротехникалык жана ирригациялык объектилерди биргелешип модернизациялоону, суу булагы болгон жана керектөөчү өлкөлөрдүн кызыкчылыктарынын балансын сактоону тартипке келтирүү шарт. Ошондой эле транспорт-логистикалык интеграцияны күчөтүү зарыл. Атап айтсам, Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан темир жолун тездетип ишке ашыруу, тарифтерди жана транзиттик эрежелерди шайкеш келтирүү, өлкөлөрдүн Кытай жана Европа рыноктoруна кыска маршрут аркылуу чыгуу мүмкүнчүлүгүн камсыздоо, БАнын бирдиктүү транспорттук жана транзиттик коридорун түзүү, транскаспийдик маршрут жана Орто коридор аркылуу дүйнөлүк жеткирүү чынжырларына кошулуу, Бажы процедураларын санариптештирүү жана бирдиктүү форматка келтирүү деген маселелер күн тартибинде турат.

**Зулпукаар САПАНОВ**

---

Оюңуз кандай?

## ШААРДЫН АТЫН ӨЗГӨРТҮҮ КООМДУК ТАЛКУУДА

***Жалал-Абад шаарын Манас шаары деп өзгөртүү боюнча мыйзам долбоору коомдук талкууга коюлду. Мыйзам долбоору Коомдук талкуу бирдиктүү порталына жайгаштырылды.***

Документте айтылгандай, мыйзам долбоор улуттук идеологияны чыңдоого, тарыхый инсан, элдик баатыр, кыргыз элин ар кандай чабуулдардан сактаган айкөл Манас атанын атын Жалал-Абад шаарына ыйгарууга багытталган.

Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги шаардын аталышын өзгөртүүгө шаар тургундарынын кайрылуусу негиз болгонун билдирет. Бул демилге шаардагы өзгөрүүлөрдү эске алуу менен келечек муундар үчүн үлгү катары сунуш иретинде иштелип чыкты.

Учурда шаардын калкы 184 миң 400дөн ашык адамды түзөт. Шаардын башкы курулуш планы 2023-жылы өзгөртүүлөр менен бекитилген.

“Шаарды кайра атоо боюнча маселе жергиликтүү жашоочулардын жыйындарында каралып, шаардык кеңештин депутаттары тарабынан чечимдер кабыл алынып, КР Президентинин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан жактырылып, сунуш келип түшкөн” - деп айтылат документте.

Белгилей кетсек, мыйзам долбооруна тиешелүү документтер тиешелүү мыйзамдардын, ошондой эле географиялык объекттерди атоо, алардын аталышын өзгөртүү, географиялык аталыштарды эсепке алуу жана каттоодон өткөрүү тартиби жөнүндө Жобосуна ылайык даярдалган. Аталган Жобого ылайык, географиялык объекттерди атоо жана кайра атоо менен байланышкан маселелерди кароодо улуттук идеологияны өнүктүрүү жана чыңдоо маселелери артыкчылыктуу тартипте эске алынаары маалымдалат.

“КР Ченемдик укуктук актылары жөнүндө” мыйзамдын 28-беренесине ылайык, шаардык кеңештин токтому Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген.

Белгиленгендей, Жалал-Абад шаарын Манас шаары деп атоо боюнча маселе КР Министрлер Кабинетинин алдындагы администрациялык-аймактык түзүлүш жана географиялык аталыштар боюнча ведомстволор аралык комиссиясынын отурумунда 2025-жылдын 5-сентябрында каралып, колдоого алынган.

“Мыйзам долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча финансылык чыгымдарга алып келбейт. Шаарды кайра атоого байланышкан бардык чыгымдар жергиликтүү бюджеттин эсебинен каралат” - деп жазылган мыйзам долбоорунун негиздеме-маалыматында.

**Даярдаган
Бактыгүл КУЛАТАЕВА**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТУРУКТАШТЫРУУ ФОНДУН ТҮЗҮҮ ЖАНА ПАЙДАЛАНУУ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Турукташтыруу фондун түзүү жана башкаруу, анын каражаттарын пайдалануу жөнүндө отчеттуулукту берүү маселелерин андан ары жөнгө салуу максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин $43^3$-беренесинин 2-бөлүгүнө, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Турукташтыруу фондун түзүү жана пайдалануу тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 4-мартындагы №70 "Кыргыз Республикасынын Турукташтыруу фондун түзүү жана пайдалануу тартибин бекитүү тууралуу" Жарлыгы;

2) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 24-октябрындагы №268 "Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 4-мартындагы №70 "Кыргыз Республикасынын Турукташтыруу фондун түзүү жана пайдалануу тартибин бекитүү тууралуу" Жарлыгына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Жарлыгы;

3) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 16-ноябрындагы №313 "Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 4-мартындагы №70 "Кыргыз Республикасынын Турукташтыруу фондун түзүү жана пайдалануу тартибин бекитүү тууралуу" Жарлыгына өзгөртүү киргизүү жөнүндө" Жарлыгы;

4) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 2-мартындагы №53 "Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 4-мартындагы №70 "Кыргыз Республикасынын Турукташтыруу фондун түзүү жана пайдалануу тартибин бекитүү тууралуу" Жарлыгына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Жарлыгы;

5) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 31-январындагы №34 "Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 4-мартындагы №70 "Кыргыз Республикасынын Турукташтыруу фондун түзүү жана пайдалануу тартибин бекитүү тууралуу" Жарлыгына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Жарлыгы.

**3.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 5-сентябры, №252***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 14-АПРЕЛИНДЕГИ №220 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАГЫНДА ТОВАРЛАРДЫ ЭСЕПКЕ АЛУУ ЖАНА КОНТРОЛДОО ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын аймагында мунай продуктуларын ташып келүүгө, сактоого, өндүрүүгө жана сатууга контролду күчөтүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-апрелиндеги №220 "Кыргыз Республикасынын аймагында товарларды эсепке алуу жана контролдоо жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын аймагында мунайды жана мунай продуктуларын эсепке алуу жана контролдоо тартиби жөнүндө жободо:

– 2-пункттун 24-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"24) отун таратуучу колонка (мындан ары – ОТК) – автомай куюучу станциядагы, автомобилдик газ куюучу станциядагы жана автомобилдик газ толтуруучу компрессордук станциядагы автомашиналарга мунай продуктуларын куюучу колонка;";

– 3-пункттун таблицасында:

6-пункттагы "2711 11 000 0" деген цифралар алып салынсын;

7-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

| | | |
|---|---|---|
| 7 | автотранспорт каражаттары үчүн отун катары колдонулуучу мунай газы жана суюлтулган көмүрсуутек газы (пропан) | 2711 11 000 0-2711 19 000 0; 2901 10 000 1 |

";

– төмөнкүдөй мазмундагы $7^1$-пункт менен толукталсын:

"$7^1$. Ишкердик субъекттери ыйгарым укуктуу салык органынын маалыматтык системасына мунай жана мунай продуктуларынын калдыктары, жүктөлүп жөнөтүлгөн көлөмдөрү жөнүндө маалыматтарды, ошондой эле ОТКнын эсептөө механизмдеринин көрсөткүчтөрүн ай сайын берип турууну камсыз кылат.

Мунай жана мунай продуктуларынын калдыктары, жүктөлүп жөнөтүлгөн көлөмдөрү жөнүндө маалыматтарды, ошондой эле ОТКнын эсептөө механизмдеринин көрсөткүчтөрүн берүү тартиби ыйгарым укуктуу салык органы тарабынан бекитилет.";

– төмөнкүдөй мазмундагы 18-пункт менен толукталсын:

"18. Мунайдын жана мунай продуктуларынын жүгүртүлүшүн контролдоо максатында аймактык салык органынын кызматкерлери ай сайын мунайды кайра иштетүүчү заводдун, мунай скважинасынын, мунай базасынын, мунай сактоочу жайдын, темир жолдогу куюучу туюктун, АМСтин, автомобилдик газ куюучу станциянын идиштериндеги мунай продуктуларынын калдыктарын жана АМСтин, автомобилдик газ куюучу станциянын жана автомобилдик газ толтуруучу компрессордук станциянын ОТК эсептөө механизмдеринин көрсөткүчтөрүн ыйгарым укуктуу салык органынын маалыматтык системасындагы жазуулардын шайкештигине карата өлчөөнү жүргүзөт.";

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мунайды жана мунай продуктуларын эсепке алуунун жана контролдоонун электрондук системасына карата техникалык талаптарда:

– 2-пункттун 2-пунктчасы "отун таратуучу колонка" деген сөздөрдөн кийин "(мындан ары – ОТК)" деген сөздөр менен толукталсын;

– 6-пункттун 5-пунктчасы төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

"– убактысын жана ОТКнын номерин көрсөтүү менен ар бир транзакция боюнча деталдаштырууга ээ болуу;

– ОТКнын ар бир түтүгү боюнча эсептөө механизмдеринин көрсөткүчтөрүн сактоо;

– бардык операцияларды чагылдыруу менен мунайдын жана мунай продуктуларынын калдыктарынын маалыматтарынын ар бир өзгөрүүсүн жана оңдоп-түзөөнү сактоо жана берүү.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланууга тийиш жана 2025-жылдын 1-октябрынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 3-сентябры, №555***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ЛИЦЕНЗИЯЛОО-УРУКСАТ БЕРҮҮ ИШИ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ТОКТОМДОРУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Калк үчүн бюрократиялык жүктү азайтуу, мамлекеттик башкаруунун натыйжалуу системасын түзүү боюнча ырааттуу мамлекеттик саясатты жүргүзүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 1-сентябрындагы №526 "Баалуу кагаздар рыногуна кесипкөй катышуучунун квалификациялык күбөлүгүн алуу укугу үчүн талапкерлерди квалификациялык аттестациядан өткөрүү жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Баалуу кагаздар рыногуна кесипкөй катышуучунун квалификациялык күбөлүгүн алуу укугу үчүн талапкерлерди квалификациялык аттестациядан өткөрүү жөнүндө тиркелген жободо:

– 1-главанын бешинчи абзацында "(нотариуста күбөлөндүрүлгөн)" деген сөздөр алып салынсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 8-июнундагы №353 "Ломбард ишинин маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын аймагындагы ломбарддардын ишин уюштурууга карата минималдуу талаптар жөнүндө жободо:

– 7-пункттун 5-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"5) ири габариттүү мүлктү күрөөгө кабыл алуу ниети болгон учурда, 100 (бир жүз) кв. метрден кем эмес аянттагы менчик укугундагы же пайдалануу укугундагы аймагы бар экендиги жөнүндө юридикалык жак тарабынан күбөлөндүрүлгөн документтин көчүрмөсү кошумча берилет.".

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №440 "Кыргыз Республикасында оюн-зоок иштери чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасында оюн-зоок ишин лицензиялоо жөнүндө жободо:

– 13-пунктта:

1-пунктчада:

төртүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– уюштуруу келишиминин же жалгыз уюштуруучунун чечиминин, юридикалык жактын уставынын, уюштуруучулардын (катышуучулардын, акционерлердин) уставды кабыл алуу, кызмат адамдарын жана башкы бухгалтерди бекитүү жөнүндө чогулушунун протоколунун юридикалык жак тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн;";

алтынчы абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– оюн-зоок жайын күтүү боюнча иш жүргүзүлө турган жайга (имаратка) менчик же ижара укугун ырастоочу документтердин юридикалык жак тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн;";

2-пунктчада:

төртүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– уюштуруу келишиминин же жалгыз уюштуруучунун чечиминин, юридикалык жактын уставынын, уставды кабыл алуу, кызмат адамдарын жана башкы бухгалтерди бекитүү жөнүндө уюштуруучулардын (катышуучулардын, акционерлердин) чогулушунун протоколунун юридикалык жак тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн;";

алтынчы абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– оюн-зоок жайын күтүү боюнча иш жүргүзүлө турган жайдын (имараттын) менчик укугун же ижарасын ырастоочу документтердин юридикалык жак тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн;";

3-пунктчанын төртүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– уюштуруу келишиминин же жалгыз уюштуруучунун чечиминин, юридикалык жактын уставынын, уставды кабыл алуу, кызмат адамдарын жана башкы бухгалтерди бекитүү жөнүндө уюштуруучулардын (катышуучулардын, акционерлердин) чогулушунун протоколунун юридикалык жак тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн;".

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-сентябрындагы №514 "Виртуалдык активдерди жүгүртүүдө келип чыккан мамилелерди жөнгө салуу маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Виртуалдык активдердин тооругунун операторунун (криптобиржанын) иши жана Виртуалдык активдердин тооругунун операторлорунун (криптобиржалардын) реестрин жүргүзүү жөнүндө жободо:

– 84-пункттун төртүнчү, бешинчи абзацтарында "(нотариалдык күбөлөндүрүлгөн)" деген сөздөр алып салынсын;

2) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун иши жана Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторлорунун реестрин жүргүзүү жөнүндө жободо:

– 31-пунктта:

2-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2) юридикалык жактын жетекчисинин мөөрү жана колу менен күбөлөндүрүлгөн юридикалык жактын уюштуруу документтеринин көчүрмөлөрү;";

3-пунктча күчүн жоготту деп таанылсын;

3) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Майнингди жүзөгө ашыруу боюнча иш үчүн сертификаттарды каттоо жана берүү тартибинде:

– 9-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"9. Ушул Тартипке ылайык ыйгарым укуктуу органга берилүүчү жана бирден көп баракты камтыган бардык документтер описке жазылууга, барактары номерленүүгө, юридикалык жактын жетекчисинин мөөрү жана колу менен күбөлөндүрүлүүгө тийиш. Документтер аралыктан каттоо мүмкүндүгүн берүү менен Интернет тармагы аркылуу электрондук түрдө берилет.".

**5.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 11-январындагы №5 "Экзамендерди уюштуруу жана өткөрүү, аудит жана бухгалтердик эсеп жаатындагы иш стажын таануу, аудитордун квалификациялык сертификатын берүү, бухгалтердик эсеп жана аудит жаатындагы эл аралык таанылган квалификациялык сертификаттарды таануу тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Экзамендерди уюштуруу жана өткөрүү, аудит жана бухгалтердик эсеп жаатындагы иш стажын таануу, аудитордун квалификациялык сертификатын берүү, бухгалтердик эсеп жана аудит жаатындагы эл аралык таанылган квалификациялык сертификаттарды таануу тартибинде:

– 20-пунктта:

үчүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– жогорку билими жөнүндө дипломдун көчүрмөсү. Эгерде диплом чет тилде жазылса, документтин котормо агенттигинин (котормочунун) колу жана мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн мамлекеттик же расмий тилдеги котормосу берилет;";

жетинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– котормо агенттигинин (котормочунун) колу, мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн бухгалтердик эсеп жана аудит жаатындагы эл аралык таанылган квалификациялык сертификаттын көчүрмөсү (бар болсо) жана көрсөтүлгөн документтин мамлекеттик же расмий тилдеги котормосу;".

**6.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 3-сентябры, №556***

КЕСИПТЕШ

## Көп тармактуу, коомдук «Жетиген» журналынын редактору, КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, журналист Абдиламит ЖУМАШЕВ:

# “ИЙГИЛИКТИН СЫРЫН БИЛЕМ”



***Кыргыз журналистика айдыңында 14 жылдан бери ай сайын “Жетиген” аттуу көп түстүү журнал жарык көрүп, учурда Борбордук Азия мамлекеттеринин арасында абройлуу басылмага айланды. Нускасы 20000ге чамалап, элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болуп, окурмандарын тапкан журналды кесиптешибиз Абдиламит Жумашев негиздеген. Абдиламит мырза биздин редакцияда конокто болуп ийгилик сырлары, журналистиканын оош-кыйыштары, жыргалы тууралуу айтып берди.***

**- Абдиламит мырза, 14 жыл мурда “Жетиген” журналын негиздегенсиз. Азыр басылманын нускасы 20000ге чамалады. Басылмаларды чыгаруу жылдан-жылга оорлошуп бараткан шартта журналдын бул жылдар аралыгында ай сайын тынымсыз чыгып жатканынын сыры эмнеде? 14 жыл сиз үчүн кандай өттү?**

- Чынын айтсам бул мезгил аралыгы билинбей өттү. Журналдын ар бир санын чыгаруу чоң түйшүк да. Аны жөн эле чыгарып коё албайсың. Эл окугандай, пайдалуу маалымат алып, журналдын кийинки санын күтүп окуй тургандай кылып чыгарууга аракет кыласың. Биз бир айда бир жолу жарык көргөнүбүз менен ай бою тынымсыз изденип, маалымат топтойбуз. “Жетигендин” ар бир саны жаңы төрөлгөн наристедей эле. Анан да аны басып чыгаруу көп каражатты талап кылат. Сыйма кагаздуу, түстүү болгондуктан баасы арзанга турбайт. Ушул жагынан 14 жылда дайыма түйшүк тартып келдик. Басмаканабыздын кызмат көрсөтүүсү бул жылдар аралыгында 200 пайызга өстү. Андыктан улам жаңы идеялар менен иштегенге аракеттендик. 14 жыл бою тынымсыз изденүү, ойлонуу, окурмандардын табитин табуу менен эле алектенип жатып убакыт кандай өткөнүн сезбей деле калдык. Кээде өткөн күндөрдү эстеп, журналды чоң мээнет менен чыгарып келгендигибизди ойлоп кубанам. Ал ортодо нускабыздын саны 20000ге жетти. Жаш баладан тартып, 70 жашка чейинки окурмандарыбыз бизге телефон чалышып, “жаңы саны качан чыгат” деген суроолорду узата баштаганда кайрадан күчкө толуп, шымаланып ишке киришип, журналды жашатып келе бердик. Басмакананын кызмат көрсөтүүсү 200 пайыз көбөйгөн учурда да окурмандарды ойлоп, журналдын баасын көтөргөн жокпуз.

**- Басылмада көбүнчө кандай макалалар жарык көрөт?**

- Балдардан тарта 70 жашка чейинки окурмандар окуй турган маалымат, макалалар бар. Биз өлкөнүн маданият тармагына чоң салым кошуп келебиз деп айта алам. Мамлекетте болгон жакшы окуялар, экономикалык өсүштөр, маданий чөйрөнүн жаңылыктары, жаш жазуучулардын аңгемелерин басабыз. Билесизби, окурмандар жаңы чыгармаларга кызыгышат. Алардын уландысын күтүп окушат. Андан тышкары, кыргыздын каада-салттары, керемет жерлери, анда жашаган мыкты инсандар тууралуу макалалар жарыяланып турат. Башкысы биз, бир да терс мүнөздөгү окуяларды жарыялабайбыз. Саясаттагы жакшы жаңылыктарды жазабыз, бирөөнүн жамандыгын издебейбиз. Менимче ушул жагынан утуштабыз. “Жетигенди” окуган адам эс алат. Ал ошол абалын дагы кайталагысы келип, журналга жазылуусун уланта берет. Азыр биздин журналдай болуп такай жарык көрүп жаткан журнал жок. Кээ бир журналдар 3, 6 айда бир чыгат. Ошондуктан жакында Түркияда журналдардын жарманке-конкурсу болгондо Кыргызстандын атынан жалгыз “Жетиген” журналы барып катышып, 40 мамлекеттин ичинен биринчи орунду алып кайттык. Жакынкы мамлекеттердин журналдары менен биздин басылманы салыштырып көрсөм, чынында “Жетиген” бүт тармакты камтыгандыгы менен баалуу экен.

**- Журналистика айдыңына кантип келип калгандыгыңыз тууралуу айтып берсеңиз?**

- Мектепте 7-класста окуп жүргөнүмдө 27-май күнү райондук гезитте биринчи макалам жарык көргөн. Ошол күндөн тарта келечекте журналист болом деп максат коюп, тагдырымды журналистикага байладым. 10-класска чейин райондук, облустук гезиттерге тынымсыз макалаларымды жазып турдум. Жогорку окуу жайга келип, окууга тапшырганда башка факультетке туш болуп калып катуу капаланып жүрдүм. Баягы максатымды орундатуу үчүн акыры журналистика факультетине которулуп, жаным жай алды. Кийин теледе, гезиттерде иштедим. Кыскасы, эч журналистиканы таштаган жокмун. Жараткан менин ырыскымды ушул кесипке байлаган экен. 35 жылдан бери журналистмин. Теледе иштеп жүргөндө көп тажрыйба топтодум. Кыргызстанды түрө кыдырып, жакшы адамдар менен таанышып, мамиле түздүм. Кийин ошол тажрыйбам мага жардам берди.

**- Журнал чыгаруу идеясы качан пайда болду?**

- Учакка түшсөм учакта, кафеде, ресторанда жалаң орусча журналдарды көрүп жүрдүм. Курулуш компанияларга барсам ал жерде да орусча журналдар. Күркөлөрдө мода багытындагы журналдар да башка тилдерде экендигин байкадым. Ошондо Кыргызстанда неге кыргыз тилдүү журнал жок деген ой пайда болду. Сыйма кагаздуу, сапаттуу журнал чыгарууну максат коюп, дароо кириштим. Команда топтоп, тажрыйбамды колдонуп, баары ойдогудай башталды. Башында журналымды карапайым адамдар көп окуса деген максатым бар болчу. Ал да орундалды. Азыр биздин окурмандар жалпы эл. Алгачкы санын чыгарганда Кыргыз эл баатырларын чогултуп, ырамаатылык Сооронбай Жусуев сыяктуу залкарлардын батасын алдык. Азыр командабызда 10го жакын адам иштейт. Алардын негизги курамы 14 жыл ичинде алмашкан жок.

**- Журналисттик кесип кандай кесип? Көптөр журналисттер ушактан башыңар чыкпайт деп тамашалашып калышат.**

- Элге ак дилден кызмат кылуу деп билем. Сонун, кызыктуу кесип! Мээнет, эмгек, акылды, изденүүнү талап кылат. Журналист кандай болгон чакта да адамдарга жакшы маалымат таратып, стимул берип, жакшы жакка үндөөсү керек деп ойлойм.

**- Сиз журналистикада ийгилик жарата алдыңыз. Сырттан караганда жумшак адамдай көрүнөсүз. Бирок, ийгиликке жумшак адамдар көп жете бербейт дешет.**

- Мен жумшак кишилердин катарына кирем. Атам менен апам мени кичи пейил, жөнөкөй кылып тарбиялашыптыр. Ошол эки инсан менин жашоомдун түркүгү болуштү. Алардын батасын алып, жакшы мамиле жасап, айтканынан чыкпай жүрүп ушул деңгээлге келдим. Кандай бийиктикке чыкпайын, ийгилик жаратпайын биринчи кезекте атам менен апамдын ыраазычылыгын алганга аракет кылдым. Алардын бир сөзүн эки кылган эмесмин. Бир да жолу укпай коюп капалантпадым. Ийгилигимдин сыры – ата-энемдин ыраазычылыгы.

**- Демек, жумшактык менен да ийгилик жаратса болот экен да...**

- Сөзсүз болот. Ийгиликтин дагы бир сыры бул – мамиле. Сен корс болсоң, өзүмчүл болсоң артта каласың. Ийгилик 85 пайыз жакшы мамиленин аркасында келе тургандыгы айтылып эле жүрөт. Анан албетте эл менен сылыксыпайы, жумшак мамиледе болуп, иш-аракетиң катуу, күлүктөй чуркаганда гана чоң ийгиликтерге жете аласың.

МАЙДА, БИРОК МААНИЛҮҮ...

## ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛЫНА ЭЛЕК

Бишкек шаарынын мэри Айбек Жунушалиев калаанын ичин аралап өткөн темир жолду сыртка жылдыруу долбоору кайсы этапта экенин айтты. Ал “SO SOOOP” подкастында маек берип жатып, China Road тарабынан сунушталган долбоордун баасы 500 миллион доллардан ашык деп бааланганын билдирди. "Чечим кабыл алына элек. Бүгүнкү күндө маселе долбоорлоо стадиясында. Бул иштин жыйынтыгы менен өлкө жетекчилигине сунуштар берилип, алар акыркы чечимди кабыл алышат. Учурда шаардагы тыгындарды азайтуу үчүн бир катар альтернативалар иштелип чыгууда. Азыр темир жолдун курулушу боюнча үч чечим бар – алардын кайсынысы алгылыктуу экенин чечебиз", - деди мэр.

## ЛИЦЕНЗИЯ ТАРТИБИ ИШКЕ КИРДИ



Кыргызстанда такси кызматын көрсөтүү үчүн лицензия албаган жеке жактарга 7 миң 500 сом, юридикалык тараптарга 23 миң сом айып пул салынат. Бул тууралуу Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгынын маалымат кызматынын жетекчиси Байказы Айтикул ММКларга билдирди.

“Бүгүнкү күндө катталып жаткан жол кырсыктарынын дээрлик көпчүлүгү жүргүнчү ташыган такси жана оң рулдуу унаалар менен байланыштуу. Ошол себептен, кырсыктардын алдын алуу максатында милдеттүү түрдө лицензия алуу тартиби ишке кирди. Бул алардын жоопкерчилигин жогорулатат. Лицензия оңой менен берилбейт. Ал эми оң рулдуу унааларга такси айдоого такыр эле тыюу салынат”-деп айтылат маалыматта. Лицензиянын баасы бир жылга 500-1000 сомду түзөт. Аны албагандарды аныктоо боюнча рейддик иш-чаралар жакында башталат.

## ҮЧ-КОРГОН ГЭСи РЕКОНСТРУКЦИЯЛАНАТ

Энергетика министри Таалайбек Ибраев Кытайда China National Electric Engineering Co., LTD компаниясынын жетекчиси Ян Вэнхуан менен жолугушту. Сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгында Үч-Коргон ГЭСин модернизациялоо боюнча кошумча макулдашууга кол коюлганы белгилүү болду.

Тактап айтсак, 2026-жылы калган эки гидроагрегат бир учурда алмаштырылат. Бул ыкма ГЭСтин кубаттуулугун кошумча 18 МВтка жогорулатууга мүмкүндүк берет. ГЭСтин реконструкцияланышы өлкөнүн энергетикалык коопсуздугун камсыз кылуу жана электр энергиясына болгон муктаждыкты кыскартуу максатын көздөйт.

Белгилей кетсек, аталган ГЭСти реконструкциялоо иштери Азия өнүктүрүү банкынын каржылоосу менен жүргүзүлүп, жалпы 4 гидроагрегатты жаңылоо каралган. 2024-жылы биринчи гидроагрегат алмаштырылып, кубаттуулугу 45 МВттан 54 МВтка жогорулаган. Экинчи гидроагрегат 2025-жылдын март айында реконструкцияга берилген. Азыркы тапта иштердин 65%ы аткарылып, калган бөлүгү улантылууда.

## БИР ЖОЛКУ ТӨЛӨМ



2025-жылдын 1-сентябрына карата бала төрөлгөндө бир жолку “Балага сүйүнчү” жөлөк пулуна 365 миллион 994 миң сом каржыланды. Бул тууралуу КРнын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги билдирди. Бул каражат 91 миң 188 жаңы төрөлгөн баланын ата-энелерине, анын ичинен 27 үч эмдин ата-энелерине 1 миллион 350 миң сомдон берилген. Ведомстводон билдиришкендей, ар бир бала төрөлгөндө бир жолку төлөм 4000 сомду түзөт. Бир убакта үч же андан көп бала төрөлгөндө ар бир балага 50 миң сомдон “балага сүйүнчү” төлөнөт.

*Бетти даярдаган Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА*

КИТЕП ТЕКЧЕСИНЕ

# ДАРЫГЕР АКЫНДЫН КЕҢ ААЛАМЫ


***Жакында кесиби боюнча врач-хирург, акын Акматбек Боробаевдин “Ак Чоку” аттуу ырлар жыйнагы “Мега Формат” басмаканасынан 30 басма табак көлөмүндөгү ырлар жыйнагы жарык көрдү. Бул жыйнактын редактору акын Нурлан Калыбеков. Ал эми ырлар жыйнагынын баш сөзүн Кыргыз эл акыны Карбалас Бакиров жазган. Буга чейин акын Акматбек Боробаев “Арча жыттуу айылым”, “Ай туяк”, “Жорго саптар” жана “Жер Эне” аттуу ырлар жыйнактары менен окурмандарга таанылган.***

Кесиби боюнча Акматбек Боробаев өмүр сакчысы болуп иштеп, адамдардын ден соолугу үчүн кам көрүп, алардын өмүрүн узартууга себепкер болуу менен жан дүйнөсүн ыр дүйнөсү козгоп келет. Ал өзүнүн жазган ырлары менен адамдарга жашоону сүйүүгө дем берет. Акын А.Боробаев: “Жакшы ырларды жазмайынча тура албаймын” дейт. Ооба, анын ырларын окуган адамдар кадимкидей эргүү алат. Акматбек Боробаев Аксыдан чыккан атактуу акын Молдо Багыш Сарыбай уулунун небереси.

Акын жаратылышы эң кооз Аксынын Кожожаш баатыр жердеген Авлетимдин Итагар айылынан болот. Айланасы тоолор менен курчалган айтылуу Кожожаштын аскасы, Балтыркандын карагайлары курчаган токойлору, түбөлүк муз төшөлгөн Муз-Төрү, Тоскоол-Ата көлүнө жакын (Сары-Челек көлү) айтылуу Бозбу-Ата тоосунун арасындагы айылда туулуп-өскөн акындын ыр саптарынын басымдуу көпчүлүгү туулган жерине, анын кооз жаратылышына арналган саптар болуп саналат. Алсак, анын “Сары-Челек” деген ырында:

*Ак чоку тоолор койнунда,*
*Мүрөктүн суусу мөлтүрөйт.*
*Көлдөрдү кызга теңесек,*
*Сары-Челек анда Айчүрөк.*

*Кынтыксыз чырай көркөмү,*
*Сыйбастыр эч бир сүрөткө,*
*Элеси калат кетпестен,*
*Каректер менен жүрөктө*, - деп Сары-Челек көлүнүн сулуулугун сүрөттөгөн.




Акын Акматбек Боробаев мындан башка турмушта болуп жаткан ар кандай окуяларга өз баасын берип келет. Ал ырларында коомдогу жат көрүнүштөргө да кайрылган. Мисалы, “Эки уюлу бир жердин” деген ырында: түбү бир кыргыз элинен айрымдар экиге бөлүп алып “сен кай жерликсиң, түштүктөнсүңбү же түндүктөнсүңбү” деген коомубуздагы жат көрүнүштү мындайча сүрөттөйт:

*Бир койгондой тарс эттирип чекеңе,*
*Түндүк, түштүк деп бөлүшсө экиге,*
*Куру намыс, курмушудай курушкан,*
*Түү!.. Түкүрдүм эки жүздүү бетиңе.*

*Бүтүн элди бөлүп айтсаң экиге,*
*Сен кумалак сары майдын ичинде,*
*Бийлик, мансап айттырса ал сөзүңдү,*
*Теңелбейсиң кыргызымдын итине.*

*Кыргызымды бөлүп айтсаң экиге,*
*Доо кетерин билбейсиңби мекенге,*
*Түндүк, түштүк эки уюлу бир жердин,*
*Түшүндүрөм түркөйлөнгөн безерге*, - деп бүгүнкү күндө “сен кай жерликсиң, түштүктөнсүңбү же түндүктөнсүңбү” деп бөлүп-жаргандарга, уруу-уруу, карыш-карыш болуп бөлүнгөн кыргыздарга жооп иретинде жызылган.

Анын “Жайлоо кечи” деген ырында:
*Уйлар келет жер чийип желиндери,*
*Жакындаса баарысы жоошуп токтойт,*
*Көрүшкөндө жең түргөн келиндерди!* - деп сүрөттөсө “Жайлоону эңсөө” деген ырында:
*Эстедим, тоо койнунда таңды аткан,*
*Эстедим, казан нанды апам жапкан.*
*Жыңайлак көк шиберде баскым келди,*
*Шүүдүрүм тамчысынан мончок таккан.*

*Эстедим жайлоодогу таңды аткан,*
*Эстедим сүт илебин саалып жаткан.*
*Жарышып балдар менен кетким келди,*
*Айлуу түндө ак чөлмөк издеп жаткан* - деп, акын окурманды жайлоолорго жетелеп, жайлоодогу балалыкты эске салат.

Айылдык акын Акматбек Боробаевдин ырлары турмуштан алынгандыктан, анда жасалмалуулук жок. Окурман анын ырларын оңой эле баамдап алат. Анын ырлары жөнөкөй элпек тил менен жазылган.

Акындын ыр саптарын окуган окурмандар анын ырларынын кыска, бирок мазмундуу терең курч ойлор камтылганына күбө болот.

**Орункул САТЫКУЛОВ**

МААРАКЕГЕ КАРАЙ




# АТАКТУУ АЛЫМБЕК ДАТКАНЫН 225 ЖЫЛДЫГЫ БЕЛГИЛЕНЕТ

***Келээрки аптанын 11-12-сентябрь күндөрү Ош облусунун Алай районунда айтылуу Алымбек датканын 225 жылдык мааракесине арналган чоң салтанаттуу той өткөнү турат.***

Мындай чоң салтанаттагы мааракe республикалык масштабда өткөрүлөт. Министрлер Кабинетинин атайын тескемесине ылайык эки күнгө созулчу тойдун биринчи күнү Гүлчөдө, экинчи күнү Калама жайлоосунда улантылмакчы. Бул күндөрү Калама жайлоосуна 180 боз үйдүн тигилери күтүлүүдө. Мааракенин жүрүшү улуттук ат оюндары, каада-салтты чагылдырган маданий иш-чаралар, эл аралык деңгээлдеги айтыш өнөрү менен коштолуп, кол өнөрчүлөрдүн улуттук көргөзмөлөрүнө өзгөчө басым жасалып, кыргыз күрөшү, тогуз коргоол баштаган улуттук спорттун көптөгөн түрлөрү камтылган жогорку масштабда оюндар уюштурулары маалым болду. Өзгөчө маанайда уюштурулуп жаткан соң мындай иш-чаралардын бардыгына, айрыкча ат оюндары, аламан жарыш, жорго салыш, кунан чабыш үчүн жогорку деңгээлдеги баалуу байгелер коюлуп жаткандыгы көпчүлүктүн бүйүрүн кызытып жаткан чагы. Алымбек датканын мааракесин элибиздин эстрада ырчыларынан тышкары чет өлкөлүк атактуу жылдыздардын да келип көркkө бөлөөрү күтүлүүдө. Учурда мааракелик салтанатка өлкөбүздүн 7 облусунан гана эмес, чет өлкөлөрдөн бери атайын коноктор чакырылган.

Республикалык мааниде белгиленчү маарекеге өлкө жетекчилиги баштаган жогорку мартабалуу алыс-жакындан келе турган коноктор катышат. Ал эми чоң иш-чарага кетчү чоң каражатты мамлекетке күч келтирүүнү каалабаган Алайдан чыккан атактуулар четте карап турушпай, миллиондогон сомдорду уюштуруу комитетине өткөрүп беришкени кимди болбосун кубандырбай койбойт.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

МАДАНИЙ ЖАҢЫЛЫКТАР



## КАДРДЫК ӨЗГӨРҮҮЛӨР

Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлигинин биринчи орун басары С.Н. Надырбеков театрда жыйын өткөрүп, ушул убакытта иштеп жаткан театрдын көркөм жетекчиси Б.О.Айдаров башка кызматка өткөндүгүнө байланыштуу жумуштан бошотту. Ал эми Б.О.Айдаровдун ордуна жаңы келген көркөм жетекчи А.Ш.Шейшеновду театрдын жалпы жамааты менен тааныштырды.Театрдын директору К.Ж.Билалович сөз сүйлөп, жаңы келген көркөм жетекчиге ийгилик каалап, ошол эле учурда Б.О.Айдаровго театр үчүн кылган эмгегине ыраазычылык билдирди.

## МАДАНИЯТ ҮЙҮНДӨГҮ ЖАҢЫЛАНУУ

Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги тарабынан 2025-жылга Токтогул райондук маданият үйүн оңдоп-түзөө иштерине 11 миллион сом акча бөлүндү. Бул каражатка жылытуу системасы орнотулду, электр жабдыктары жаңыланды жана маданият үйүндө толук капиталдык оңдоп-түзөө иштери жүрүүдө. Ошондой эле, балдар музыкалык мектебине “Шамшыкал” редакциясынын имараты берилип, ага дагы 1 миллион 700 миң сом акча каражаты бөлүнүп, ремонт иштери жүрүүдө.



## ЛИЦЕНЗИЯЛОО ЖОЛ-ЖОБОСУ ЖӨНӨКӨЙЛӨШТҮРҮЛДҮ

Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин «Башталгыч жалпы билим берүү программаларын ишке ашырган жеке менчик мектептерди лицензиялоону жөнөкөйлөтүү аркылуу билим алууга жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу» жана «Өкмөттүк акселераторлор жөнүндө» буйругун аткаруу алкагында жеке менчик мектептерди лицензиялоо тартибин жеңилдетүү боюнча иш жүргүзүүдө. Жаңы тартипке ылайык, лицензия алууга арыздарды кароо мөөнөтү 30 күндүн ордуна 20 күнгө чейин кыскартылды. Лицензиялык кеңеш жоюлуп, лицензияга чейинки текшерүү алынып салынды. Эми лицензиялык талаптарга туура келген бардык зарыл документтер бар болгон учурда лицензия алуу жөнөкөй жана тезирээк болот. Бул үчүн аймактык билим берүү органдарына же Президенттин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараттарына кайрылууга болот. Адистер лицензия алуу боюнча кеңеш жана жардам көрсөтүшөт. Агартуу министрлиги ишкерлерди, инвесторлорду жана жарандык коомду жеке менчик билим берүү тармагын өнүктүрүүгө активдүү катышууга чакырат.



## МЫЙЗАМСЫЗ АКЧА ЧОГУЛТУУГА ТЫЮУ САЛЫНАТ

Мамлекеттик жалпы билим берүү уюмдарында акча каражаттарын мыйзамсыз чогултууга жана мектептердин алдында коомдук фонддорду түзүүгө тыюу салынат. Окуучуларга жана алардын ата-энелерине (аларды алмаштырган адамдарга) мыйзамсыз акча каражаттарын алуу же моралдык-психологиялык кысым көрсөтүү фактылары аныкталган учурда, күнөөлүү адамдарга карата ээлеген кызматынан бошотууга чейинки тартиптик жаза чаралары колдонулат.

**Махабат САИДРАХМАНОВА**

АТА ЖУРТТУН АЛЫСТАГЫ УУЛ-КЫЗЫ

## Түркиянын Анталия шаарындагы “Кыргыз Айымдары” коомунун негиздөөчүсү жана жетекчиси Периза АСАНААЛИЕВА:

# “ТҮРКИЯГА ИШТӨӨ ҮЧҮН ЭМЕС, БИЛИМ АЛУУГА БАРЫШСА ЖАКШЫ БОЛОР ЭЛЕ”



***Кыргызстан эгемендүүлүк алган жылдардан бери дүйнөлүк миграция агымынан четте калган жок. Эл аралык уюмдардын маалыматтарына таянсак, учурда 1 миллиондон ашуун кыргыз жарандары чет өлкөлөрдө эмгектенип жүрүшөт. Алардын негизги бөлүгү Россияда болсо, акыркы жылдары Түркия, Казакстан, Корея жана Европа мамлекеттерине кеткендердин саны да кескин көбөйдү. Миграциянын себептери ар түрдүү: жумуш орундарынын жетишсиздиги, социалдык-экономикалык көйгөйлөр, үй-бүлөлүк муктаждыктар, айрым учурда билим алуу жана жаңы тажрыйба издөө. Бирок жалпысы – ар бир мигрант мекенден алыстаса да Кыргызстан менен байланышын үзбөйт. Алардын тапкан эмгеги жана жөнөткөн акча каражаты өлкө экономикасынын маанилүү каржы булагына айланып келери белгилүү.***

***Ошол эле учурда миграциянын да буга чейин айтылып келген өзүнө таандык көйгөйлөрү жок эмес. Укук коргоо маселеси, социалдык, үй-бүлөлүк ажырымдар, эмгек рыногундагы теңсиздик сыяктуу маселелер бар. Акыркы он жылдыкта Түркия багытындагы миграция өзгөчө көңүлдү бурдурат. Айрыкча аялдардын агымы күчөдү. Алардын тагдыры, иш шарттары, коомдук орду жана мекен менен байланышы өзүнчө изилдөөгө татыйт. Түркияда иштеп жүргөн кыргыз аялдары – бул миграциянын эң көрүнүктүү катмарларынын бири. Экономикалык муктаждык, үй-бүлөнү кароо, кирешелүү жумуштун аздыгы сыяктуу факторлор көптөгөн аялдардын Түркияга кетип иштөөсүнө себеп болуп келет. Мигрант аялдардын көбү үй чарбасы, кары-картаңдарды багуу, үй тазалоо, бала багуу сыяктуу жумуштарды аткарат.***

***Кыргызстанды сүйүп, мекенден алыста жүрсө да элин унутпаган мекендештерибиз дүйнөнүн ар кайсы бурчунда кыргыздын жүзүн, салтын, маданиятын таанытып келишет. Алардын алыстагы турмуш-тагдыры, заман сыноосуна туруштук берген жигер-кайраты, көйгөйү жана ийгилиги жөнүндө баяндоо максатында Түркиянын Анталия шаарында жашап, коомдук иштерге активдүү аралашып жүргөн айымдын ой-пикирине кулак түрдүк.***

**– Периза айым, Түркиянын Анталия шаарында “Кыргыз Айымдары” коомун түзүп, өз алдынча иш алып бара баштаганыңызга канча жыл болду жана бул коомду түзүүгө эмне себеп түрткү болду? Баштапкы максатыңыз кандай эле?**

– Биздин коом 2017-жылы 18-майда Анталия шаарынын жергиликтүү бийлигинин уруксаты менен түзүлгөн. Негизи мен билгенден Түркияда жүргөн кыргыз айымдарынын көпчүлүгү илимбилимдүү, алар коомдун негизги бөлүгүн түзүп, иш алып барууга салымы чоң. Ал эми бул коомду түзүүнүн башкы максаты – Кыргызстандан Анталияга жаңы барган, көбүнчө агенттиктер аркылуу шашып, даяр эмес бойдон барып алган кыргыз жарандарына, айрыкча аялдарга туура жол көрсөтүү. Жаңы баргандар жергиликтүү элдин кулк-мүнөзүн, тилин, барган өлкөнүн мыйзамдарын да билбей ар кандай кыйын кырдаалдарга кабылып калышат. Азыр болжолдуу түрдө тактай келсек, Түркияда Кыргызстандан келген 30 000 мигрант бар, анын 8000и Анталияда болсо, 80%ы аялдар. Ошондуктан мекендеш айымдардын үнүн угузуп, алардын укуктарын коргоого жардам берип, бири-бирибизге таяныч бололу деген ой түрткү берди. Максатыбыз – “чет жерде жүргөн айымдар жалгыз эмес” дегенди билдирүү.

**– Азыр коом кандай багытта иштеп жатат?**

– Бүгүнкү күндө кыргыз айымдары коомдо чоң күч. Карай келсек, ишкерлик чөйрөсүндө, илимде, маданиятта өз орду бар. Анын сыңарындай эле Түркияда иштеп жүрүп ийгиликтерди жараткан кыргыз айымдары да арбын. Биз, аялдар коому көбүнчө социалдык жактан жардамдарды уюштурабыз. Сиздерге белгилүү болгондой, Түркияда жакынкы жылдары бир топ кырсыктарды башынан кечирди. Мисалы, “COVID 19” учурунда, жер титирөө мезгилдеринде канчалаган кыргыз жарандары ошол жакта иштсиз, жашаган жери жок калды. Ошондой учурларда биздин коом Түркиядагы кыргыз консулдугун колдон-буттан алып, көптөгөн жардамдарды уюштурдук. Негизи кайсы өлкөдө болбосун, мигранттардын көйгөйү окшош эле болот. Көбү атайын камсыздандыруусу жок барып алышат да, ооруп калган учурда ооруканалар кабыл албай, маселе жаралат. Бул көйгөй менен башынан тааныш болгон себептүү биздин “Кыргыз Айымдары” коому Анталиядагы жеке менчик клиника менен келишим түзүп, барган жарандарды эч кандай кезексиз, маселесиз кабыл алышат. Азыркы күндө кыргыз тилин жана маданиятын сактоо боюнча иш-чараларды уюштурабыз. Ошондой эле жаңы келген айымдарга жумуш таап берүүдө, тил үйрөтүүдө жардам көрсөтөбүз. Коомубуз – ар бир айым үчүн колдоо жана таяныч.

**– Жакында сиз биздин редакцияга атайын делегация менен келип кеттиңиз. Ал жолугушуунун негизги максаты жөнүндө айта кетсеңиз? Кандай сунуш-пикирлер айтылды?**

– Анталиянын мэриясы коомдук активисттерди, коомдук уюмдарды жакшы колдойт. Төрт-беш жыл мурун Анталияда деңиз жээгинде бир чоң форум өтүп жаткан экен. Мен да чакырылган элем. Коңшулаш Азербайжан, Өзбекстан, Казакстан сыяктуу элдердин журналисттери “Жылдын мыкты журналисти” жана башка ушул сыяктуу номинациялар менен сыйланышты. Бирок, биздин кыргыз журналисттери жок экен. Иш-чара бүткөн соң уюштуруучулар менен жолугуп сүйлөшүп, бул иш-чарага кыргыз журналисттерин да кошууну сунуштагам. Алар менин сунушумду дароо эле кабыл алышып, мындан үч жыл мурда да атайын делегация менен келип кетишкен. Кечээ жакында келгенибизде УТРК, ЭЛТР сыяктуу бир топ ири телекомпаниялар менен сүйлөшүү аягына чыгып, меморандумга кол коюлду. Буюрса ушул жылдын ноябрь айында Кыргызстандын Журналисттер союзунун төрагасы Ильяс Балташевди Анталияда күтүп жатышат. Ошондойт эле Түркиядан келген делегация “Эркин-Тоо” гезитинин жамааты менен пикир алышып, сый дасторконунда мейман болуп кетишти. Бул байланыштардын негизги максаты – Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы туризмди өнүктүрүүгө салым кошуу, журналисттердин өз ара тажрыйба алмашуусун, билимин өркүндөтүүгө шарт түзүү жана чет жердеги мигранттардын мекен менен байланышын күчөтүү.

**– Өзүңүз айтмакчы, жылдан-жылга Түркияга барган кыз-келиндердин агымы токтобой жатат. Жаңы барган жана бара турган кыз-келиндерге кандай кеңеш бересиз?**

– Жашоо-турмуш көрсөткөндөй, Кыргызстандан жаңы барган мигрант кыз-келиндер, жаштар биринчи кезекте эле укуктук маалыматка, экинчи – тилди үйрөнүүгө, үчүнчү – моралдык колдоого муктаж болушат экен. Ошондуктан алгач тилди үйрөнүп, жогоруда айтылган шарттарга кабылбай, ден соолугу мыкты болгон шартта гана барса деп ойлойм. Негизи эле жаш кыз-келиндерге, жигиттерге деле берер кеңешим, Түркияга иштөө үчүн эмес, окуу, билим алуу үчүн барышса жакшы болор эле. Өзүнө ишенишсин, билим алсын, бирок мекенди жана улуттук баалуулуктарды унутпасын деп кеңеш берем. Чет жакта мигрант аялдардын көпчүлүгү өз укуктарын билбеген, тил билбеген, же документсиз болгондуктан, пайдаланууга жана зордук-зомбулукка дуушар болуп калышат. Менин миссиям – кыргыз айымдарынын үнүн угузуу, алардын күчүн жана талантын коомго көрсөтүү. Ар бир айым бактылуу болсо, коомубуз да өнүгөт, өсөт.

**Махабат САИДРАХМАНОВА**

*(Маектин видео версиясын erkin-too.kg сайтынан, youtube.com баракчасынан көрө аласыздар)*

## БИРИМДИК-КУТ КОНУШУНДАГЫ БАЛА БАКЧА

Бишкек шаарындагы Биримдик-Кут конушунда 280 орундуу заманбап бала бакчанын курулушу уланууда. Муниципалитеттен билдиришкендей, имараттын жалпы аянты 2 927 чарчы метрди, ал эми жер тилкесинин жалпы аянты 0,8 га түзөт. Аймакта 9 оюн аянтчасы курулат, айланасы бийиктиги 2,5 метр болгон темир тосмо менен тосулат.

Биринчи кабатта 6 тайпа үчүн уктоочу жана оюн бөлмөлөрү, буфет, ашкана, медициналык бөлмө, санитардык түйүндөр, кызматкерлер үчүн бөлмө, ошондой эле чарбалык жана техникалык жайлар жайгашат. Экинчи кабатта дагы 6 тайпа үчүн уктоочу жана оюн бөлмөлөрү, бөлүм башчынын бөлмөсү, музыка жана дене тарбия сабактары үчүн залдар, кампалар жана кошумча бөлмөлөр каралган.

## КӨЧӨЛӨР ОҢДОЛУУДА

Леваневский көчөсүнүн Гагарин көчөсүнөн №136а үйүнө чейинки бөлүгүндө капиталдык оңдоо иштери жүрүүдө. Учурда эски асфальт алынып, жаңы ирригация системасын орнотуу үчүн лотоктор алып келинүүдө. Буга чейин кызыл сызыктан мыйзамсыз чыгып кеткен тосмолор демонтаждалган.

***

Мындан сырткары Бишкекте Дубосековская кыска көчөсүн оңдоо иштери да башталды. Мэриянын маалыматына ылайык, "Бишкекасфальтсервис" муниципалдык ишканасы Кайназаров көчөсүнөн Месарош көчөсүнө чейинки тилкедеги Дубосековская тилкесин капиталдык оңдоого киришти. Учурда эски асфальтты алуу иштери аяктап, ирригациялык система орнотулуп, асфальт төшөө үчүн негиз даярдалууда.

Белгилей кетсек, иштер 2025-жылдын титулдук тизмесинин алкагында жүргүзүлүүдө. Муниципалдык ишкана тургундардан жана айдоочулардан курулуш иштерине байланыштуу убактылуу ыңгайсыздыктарга түшүнүү менен мамиле кылууну суранат.

АЙМАКТАРДА

## КАЛКТЫ ТЕЙЛӨӨ БОРБОРУ

Токмок шаарында жаңы Калкты тейлөө борборунун расмий ачылышы болуп өттү. Бул тууралуу Кызмат мамлекеттик мекемесинен билдиришти.

Маалыматка ылайык, борбор Ибраимов көчөсү, 1/1 (мурунку автобекеттин имараты) дарегинде жайгашкан. Жалпы аянты 1 000 чарчы метрди түзөт. Бул Токмок шаарынын жана Чүй районунун 150 миңден ашык тургуну үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүүгө мүмкүндүк берет.

Калкты тейлөө борборунда паспорт алуу, ЖААК кызматтары, ЖИН ыйгаруу, Кыргызстандын жарандары менен чет өлкөлүктөрдү каттоо кызматтары көрсөтүлөт.

Жарандардын ыңгайлуулугу үчүн фото кызмат көрсөтүү аймагы, VIP тейлөө, касса, нике каттоо үчүн салтанат залы, нотариус кызматтары, эне-бала бөлмөсү жайгашкан.

Кызмат көрсөтүүнүн сапатын жогорулатуу максатында кызматкерлердин саны көбөйтүлдү: мурда 10 адис болсо, азыр 12 адис жана 5 техникалык кызматкер иштейт. Бул күнүнө 600гө чейин жарандарды тейлөөгө жана узун кезекте күтүүнү кыскартат.

Салтанаттуу иш-чарага катышкан Президенттин Иш башкармалыгынын башчысы Каныбек Туманбаев Чүй облусунун ар бир тургуну кызматты тез жана ыңгайлуу ала алышы үчүн заманбап шарттар түзүлүп жатканын белгиледи.



## КУРУЛУШУ БАШТАЛДЫ

Нарын облусунун Ат-Башы районунда гемодиализ борборунун курулушу башталды.

Аймактагы өкүлчүлүктөн билдиришкендей, курулушка Президенттин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Нурбек Сатаров мезгил кутусун салды. Ал Ат-Башы районунун жергиликтүү калкы менен болгон жолугушууда Ат-Башы районунда аткарылып жаткан иштерге токтолду.

Тактап айтканда, эки бала бакчанын, кичи ГЭСтин, спорт комплексинин, мектептин курулушу, ошондой эле жаңы сейил багын пайдаланууга берүү жана башка объектилердин курулушу тууралуу маалымат берди.

## МЫЙЗАМСЫЗ БАЛЫК УУЛАГАНДАР

Ысык-Көлдө мыйзамсыз балык уулагандар кармалды. Бул тууралуу облустук милициядан билдиришти.

Маалыматка ылайык, 6-сентябрда кечки саат 20:10 чамасында Тоң районунун Кызыл-Туу айылындагы көлгө куюучу агын суулардын биринде 3 метрлик сүзмө тор менен мыйзамсыз балык уулап жаткан эки жаран кармалган. Алар Кызыл-Туу айылынын тургундары, 2002-жылы туулган Б.Б. жана А.Н. экени аныкталды. Жеринен 4 даана форель балыгы табылып, далил зат катары алынды. Адистердин эсептөөлөрү боюнча бул мыйзамсыз аракеттердин натыйжасында мамлекетке 16 миң 160 сомдук материалдык зыян келтирилген.

Бул факты Тоң РИИБинин Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине катталып, КР Кылмыш-жаза кодексинин 310-беренесинин негизинде кылмыш иши козголду. Кармалган жарандар Тоң РИИБинин убактылуу кармоочу жайына киргизилип, тергөө амалдары уланууда.

**“Эркин-Тоо” пресс**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОШ ОБЛУСУНУН КАРА-СУУ РАЙОНУНУН ДАТКА АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР ТИЛКЕСИН “АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР” КАТЕГОРИЯСЫНАН “КАЛКТУУ КОНУШТАРДЫН ЖЕРЛЕРИ” КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Кара-Суу районунун Датка айыл аймагына көп батирлүү турак үйлөрдү куруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесине, “Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин экинчи бөлүгүнүн $12^1$-пунктуна, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 21-апрелиндеги №323-т тескемесин, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2025-жылдын 30-апрелиндеги №01-39/1617 корутундусун жана Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 28-апрелиндеги №64 токтомун көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Кара-Суу районунун Датка айыл аймагындагы №213 контурда жайгашкан, мамлекеттик менчикте турган, жалпы аянты 2,50 га сугат айдоо жер тилкеси көп батирлүү турак үйлөрдү куруу үчүн “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Калктуу конуштардын жерлери” категориясына которулсун (трансформациялансын).

**2.** Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

2) Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектура чөйрөсүндөгү мыйзамдарына жана “Автомобиль жолдору жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинин шаар куруу документтерин иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

3) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинин аянтын калыбына келтирүүнү, асылдуулугу төмөн жерлерге талдоо жүргүзүүнү жана аларды айыл чарба жүгүртүүсүнө киргизүүнү;

4) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесин максаттуу багыты боюнча пайдаланууну;

5) жамгырдын жана эриген кардын сууларын чыгаруу системасын коопсуз эксплуатациялоону, ошондой эле башкы планда каралган жер титирөөгө каршы иш-чараларга мониторинг жүргүзүүнү жана тиешелүү аймактагы кооптуу жаратылыш процесстерине жана кубулуштарына аларды божомолдоо боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу менен контролдоо жүргүзүүнү;

6) жергиликтүү бюджеттин, жергиликтүү коомчулуктун жана жер тилкелеринин менчик ээлеринин каражаттарынын эсебинен аймактын инфраструктурасынын, жашоо-тиричиликти камсыз кылуу системасынын иштешин жана өнүгүшүн, социалдык-экономикалык өнүктүрүүнү уюштурууну;

7) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинде тарыхый-маданий мурас объекттери табылган учурда Кыргыз Республикасынын тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө мыйзамдарына ылайык аларды сактоону;

8) Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарында белгиленген ченемдерге ылайык айыл чарба жана токой чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын жана алынбай калган пайдасынын ордун толтуруу наркынын суммасын төлөөнү.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетинин
Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 3-сентябры, №557***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2024-ЖЫЛДЫН 24-ДЕКАБРЫНДАГЫ №785 “КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРАЛДУУ КҮЧТӨРҮНДӨ, БАШКА АСКЕРДИК ТҮЗҮЛҮШТӨРҮНДӨ ЖАНА МЫЙЗАМ МЕНЕН АСКЕРДИК КЫЗМАТ КАРАЛГАН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНДА ЖООКЕРЛЕРДИН ЖАНА СЕРЖАНТТАРДЫН КОНТРАКТ БОЮНЧА АСКЕРДИК КЫЗМАТ ӨТӨӨ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Административдик тоскоолдуктарды азайтуу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 24-декабрындагы №785 “Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө, башка аскердик түзүлүштөрүндө жана мыйзам менен аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарында жоокерлердин жана сержанттардын контракт боюнча аскердик кызмат өтөө тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө, башка аскердик түзүлүштөрүндө жана мыйзам менен аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарында жоокерлердин жана сержанттардын контракт боюнча аскердик кызмат өтөө тартиби жөнүндө жободо:

– 12-пункттун 3-пунктчасында “114, 115 жана 116-пункттарында” деген сөздөр “117, 118 жана 119-пункттарында” деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 13-пунктта “48” деген цифралар “50” деген цифраларга алмаштырылсын;

– 14-пунктта “48” деген цифралар “50” деген цифраларга алмаштырылсын;

– 20-пункттун 3-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“3) соттуулугу, анын ичинде алып салынган же жоюлган соттуулугу бар; ага карата кылмыш иши реабилитацияланбаган негиздер боюнча кыскартылган; жубайынын, ошондой эле жакын туугандарынын оор же өзгөчө оор кылмыш жасагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамдарына ылайык жоюлбаган же алып салынбаган соттуулугу бар; же болбосо алар белгиленген тартипте уюшкан топтордун, террористтик, экстремисттик же сепаратисттик уюмдардын мүчөлөрү деп таанылган;”;

– 24-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“24. Жоокерлердин жана сержанттардын кызмат орундарына контракт боюнча аскердик кызматка кирүүгө каалоосун билдирген жаран жашаган жери боюнча аскер комиссариатына же аскердик бөлүктөрдүн (мекемелердин) кадрдык органдарына арыз берет.

Арызда төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

– жарандын аскердик наамы (эгерде болсо), аты-жөнү;

– анын туулган күнү, айы, жылы жана жери;

– жашаган жери;

– болгон билими;

– жаран контракт түзүүнү каалаган мамлекеттик органдын аталышы, аскердик кызматка кирүү мотиви;

– эгерде аскердик кызмат өтөсө, аскердик бөлүктүн номери (мекеменин аталышы) жана кайсы кызматта өтөгөндүгү, ошондой эле аскердик кызматтын мезгилдери.

Жаран арыз менен кошо төмөнкүлөрдү берет:

– өз колу менен жазылган өмүр баянды;

– аскердик-каттоо документтеринин (эгерде болсо) көчүрмөлөрүн;

– эмгек стажы болсо, эмгек китепчесинин көчүрмөсүн;

– кесиптик же башка билимин ырастаган документтердин көчүрмөлөрүн;

– паспорттун, туулгандыгы тууралуу, никеси тууралуу (эгерде никеде турса) жана балдарынын туулгандыгы тууралуу (эгерде болсо) күбөлүктөрдүн көчүрмөлөрүн.”;

– 51-пункттун биринчи абзацында “114-пунктунун 4–9-пунктчалары жана 115-пункту” деген сөздөр “117-пунктунун 4–7-пунктчалары жана 118-пунктунун 1-пунктчасы” деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 58-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“58. Контракттык кызматтын аскер кызматчысын кызмат ордуна дайындоо аскердик бөлүктүн тиешелүү командири (мекеменин башчысы) жана андан жогору тургандар тарабынан жүргүзүлөт.

Контракттык кызматтын аскер кызматчыларын жоокер жана сержант кызмат ордуна дайындоодо төмөнкүдөй шарттар сакталат:

– негизги же аскердик-каттоо адистигине жакын адистик боюнча же болбосо ээ болгон тажрыйбасына ылайык дайындоо камсыздалат, ал эми аскер кызматчылары үчүн жаңы адистик боюнча аларды кызмат ордуна дайындоо жаңы кызмат ордунда бир айдын ичинде кызматтык милдеттерди убактылуу аткаргандан кийин жүзөгө ашырылат;

– Кыргыз Республикасын коргоодо, күжүрмөн нөөмөттү өтөөдө же аскердик кызматтын башка милдеттерин аткарууда жогорку күжүрмөн жана кесиптик сапаттарды көрсөткөн же болбосо аскердик милдетин үлгүлүү аткарып жаткан аскер кызматчылары жылдыруу үчүн кадрлардын резервине киргизилет;

– дайындоо, эреже катары тиешелүү командирлердин (башчылардын) карамагына киргизбестен жүргүзүлөт. Тиешелүү командирлердин (башчылардын) карамагында турган аскер кызматчыларын кызмат ордуна дайындоо мүмкүн болушунча кыска мөөнөттө, бирок алар мурдакы кызмат ордунан бошотулган күндөн тартып эки айдан ашык эмес убакытта жүргүзүлөт. Бала үч жашка чыкканга чейин бала багуу боюнча өргүүдө жүргөн мезгилинде ээлеген кызмат орду кыскартылганына байланыштуу карамагында турган катардагы жана сержанттык курамдагы аял-аскер кызматчыларына өргүүсү аяктагандан кийин алар карамагына киргизилгенге чейин ээлеген кызмат ордуна тең кызмат орду, ал эми алар жок болгондо – төмөн турган кызмат орду, аскердик кызматты улантууга каалоосун билдирген учурда берилиши керек;

– аскердик-дарыгердик комиссия тарабынан тынч убакта катардан тышкаркы аскердик кызматка жарактуу дап таанылган, аскердик кызматта болуунун чектүү курагына жете элек аскер кызматчыларын ден соолугунун абалын, даярдыгын жана кызмат өтөө тажрыйбасын эске алуу менен милдеттерди аткара ала турган башка кызматтарга дайындоо зарылчылыгын түздөн-түз башчылар аныктайт;

– катардагы жана сержанттык курамдагы аял-аскер кызматчылары (прапорщиктер) тынч убакта контракттык кызматтын аскер кызматчылары кызмат ордуна ыйгарым укуктуу органдардын жетекчилеринин буйруктары менен бекитилген кызмат орундардын тизмеги боюнча дайындалат;

– уюштуруу-штаттык иш-чараларга байланыштуу, үй-бүлөлүк жагдайлары боюнча төмөн турган кызмат орундарына дайындалган жана мурдагы кызмат орундарына тең кызмат орундарын ээлөө үчүн зарыл болгон талаптарга жооп берген контракттык кызматтын аскер кызматчылары кызматы боюнча көтөрүлүү артыкчылыктуу укугун колдонушат;

– тартиптик жаза тартибинде кызмат ордунан төмөндөтүлгөн контракттык кызматтын аскер кызматчылары жогору турган кызмат орундарына дайындалышы мүмкүн, бирок төмөндөтүлгөндөн кийин бир жылдан эрте эмес;

– аскердик бөлүктөрдүн командирлеринин (мекемелердин башчыларынын) жана жогору тургандардын буйруктары менен контракттык кызматтын аскер кызматчыларына офицердик курамдын бош жана бош эмес кызмат орундары боюнча милдеттерди убактылуу аткарууга уруксат берилиши мүмкүн, мында аларга баш ийүүдө офицерлер болбошу керек;

– катардагы жана сержанттык курамдагы аял-аскер кызматчылары (прапорщиктер) кош бойлуулугуна же баланы үч жашка чейин кароо зарылчылыгына байланыштуу, алардын макулдугу менен жумушу аз көлөмдөгү контракттык кызматтын жоокер жана сержант кызмат ордуна дайындалышы мүмкүн.

Бош кызмат орундары жок учурда аскер кызматчылары аскердик кызматтан бошотулууга тийиш.

Бала үч жашка чыкканга чейин бала багуу боюнча өргүүдө жүргөн аял-аскер кызматчылары, алардын макулдугусуз ээлеген кызмат ордунан бошотулушу мүмкүн эмес.”;

– 59-пункттун 7–12-пунктчалары күчүн жоготту деп таанылсын;

– 65-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“65. Контракттык кызматтын аскер кызматчысы аскердик бөлүктүн командиринин (мекеменин башчысы) карамагына ошол командирдин (башчынын) буйругу менен киргизилиши мүмкүн.

Контракттык кызматтын аскер кызматчысын командирдин (башчынын) карамагына киргизүү төмөнкүлөргө байланышкан учурларда жол берилет:

1) жүргүзүлүүчү уюштуруу-штаттык иш-чаралардын натыйжасында кызмат орду кыскарганына;

2) алты айдан ашык мөөнөткө аскердик окуу жайына окууга же кызматтык иш сапарга жиберилгендигине;

3) аскер кызматчысы туткунда, барымтада же эркиндигинен ажыратылган абалда жана мыйзам менен аныкталган башка ушул сыяктуу абалдарда болгондугуна – бардык болгон убагында;

4) аскер кызматчысын кызмат ордунан убактылуу четтетүү жөнүндө тергөө судьясынын токтому, соттун аныктамасы чыккандыгына – бул чараны колдонууну жокко чыгарылганга чейин же болбосо кылмыш-жаза иши боюнча акыркы чечим кабыл алынганга (кылмыштык куугунтуктоо, сотко чейинки өндүрүш кыскартылганга жана мыйзамдуу күчүнө кирген соттун өкүмү (токтому) чыкканга) чейин;

5) жубайынын (күйөөсүнүн/аялынын) мамлекеттик чек араны түздөн-түз кайтаруу бөлүмдөрүнө кызматы боюнча которулгандыгына жана жумушка орношуу мүмкүн болбогондо – аскердик кызматтын бардык мезгилинде беш жылдан ашык эмес;

6) ыйгарым укуктуу органдардын жетекчилеринин чечими менен, аскер кызматчысынын жеке өтүнүчүнүн негизинде.”;

– 67-пунктта “62-пунктунун” деген сөздөр “65-пунктунун” деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 75-пункттун экинчи абзацында “62-пунктунун” деген сөздөр “65-пунктунун” деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 90-пункттун биринчи абзацында “жана аскердик кызматтан бошотулган” деген сөздөр алып салынсын;

– 118-пункттун 2-пунктчасынын экинчи абзацында “114-пунктунун 4–9-пунктчаларында” деген сөздөр “117-пунктунун 4–7-пунктчаларында” деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 124-пунктта:

биринчи абзацта “114-пунктунун 5–9-пунктчалары, 115-пунктунун 1-пунктчасы” деген сөздөр “117-пунктунун 5–7-пунктчалары, 118-пунктунун 1-пунктчасы” деген сөздөргө алмаштырылсын;

экинчи абзацта “114-пунктунун 5–9-пунктчалары, 115-пункттун 1-пунктчасы” деген сөздөр “117-пунктунун 5–7-пунктчалары, 118-пунктунун 1-пунктчасы” деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 126-пункттун үчүнчү абзацында “114-пунктунун 5–9-пунктчалары, 115-пунктунун 1-пунктчасы” деген сөздөр “117-пунктунун 5–7-пунктчалары, 118-пунктунун 1-пунктчасы” деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 130-пунктта “114-пунктунун 5–9-пунктчалары, 115-пунктунун 1-пунктчасы” деген сөздөр “117-пунктунун 5–7-пунктчалары, 118-пунктунун 1-пунктчасы” деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетинин
Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 5-сентябры, №560***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2024-ЖЫЛДЫН 20-МАРТЫНДАГЫ №126 “КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАНДЫК МЫЙЗАМДАРЫНДА, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ МЫЙЗАМДАРЫНДА, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЫЛМЫШ-ЖАЗА ЖАНА КЫЛМЫШ-ЖАЗА ПРОЦЕССУАЛДЫК МЫЙЗАМДАРЫНДА КАРАЛГАН НЕГИЗДЕР БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК МЕНЧИККЕ ӨТКӨН ОБЪЕКТТЕРДИ ЭЭЛИКТЕН АЖЫРАТУУ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик мүлктү ээликтен ажыратуу тартибин оптималдаштыруу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 20-мартындагы №126 “Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарында, Кыргыз Республикасынын бузуулар жөнүндө мыйзамдарында, Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза жана кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарында каралган негиздер боюнча мамлекеттик менчикке өткөн объекттерди ээликтен ажыратуу тартибин бекитүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарында, Кыргыз Республикасынын бузуулар жөнүндө мыйзамдарында, Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза жана кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарында каралган негиздер боюнча мамлекеттик менчикке өткөн объекттерди ээликтен ажыратуу тартибинде:

– 2-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 6, 7-пунктчалар менен толукталсяын:

“6) төмөнкүдөй мүлккө карата:

– Тартиптин ушул пунктунда каралган негиздер боюнча үлүштөрү/акциялары мамлекеттин менчигине өткөн чарбалык коомдор тарабынан мамлекеттик менчикке өткөрүп берилген;

– укук коргоо жана көзөмөл органдарынын ишинин алкагында аныкталган, жарандык-укуктук бүтүмдөрдүн негизинде мамлекеттик үлүш катышкан чарбалык коомдор тарабынан алынган;

7) төмөнкүдөй жер тилкелерине карата:

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан мамлекеттик менчикке же мамлекеттик органдарга мөөнөтсүз пайдаланууга берилүүчү, мурда жеке жана юридикалык жактардан жарандык-укуктук бүтүмдөрдүн негизинде кабыл алынган, укук коргоо жана көзөмөл органдарынын уюшкан кылмыштуулукка жана коррупцияга каршы күрөшүү боюнча ишинин алкагында аныкталган;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан мамлекеттик менчикке же мамлекеттик органдарга мөөнөтсүз пайдаланууга берилүүчү, мурда жеке жана юридикалык жактардын менчигинде же убактылуу пайдалануусунда турган, укук коргоо жана көзөмөл органдарынын уюшкан кылмыштуулукка жана коррупцияга каршы күрөшүү боюнча ишинин алкагында аныкталган;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан мамлекеттик органдарга мөөнөтсүз пайдаланууга берилүүчү жана Тартиптин ушул пунктунда каралган негиздер боюнча үлүштөрү/акциялары мамлекеттик менчикке өткөн чарбалык коомдордун балансында турган кыймылсыз мүлк объекттери жайгашкан;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан мамлекеттик органдарга мөөнөтсүз пайдаланууга берилүүчү жана Тартиптин ушул пунктунда каралган негиздер боюнча мамлекеттик менчикке өткөн кыймылсыз мүлк объекттери жайгашкан.”.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 4-сентябры, №559***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРАЛДУУ КҮЧТӨРҮНҮН, БАШКА АСКЕРДИК ТҮЗҮЛҮШТӨРҮНҮН, МЫЙЗАМ МЕНЕН АСКЕРДИК КЫЗМАТ КАРАЛГАН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН АСКЕР КЫЗМАТЧЫЛАРЫНА ЖАНА УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНЕ ИПОТЕКАЛЫК КРЕДИТТИ ТӨЛӨӨ ҮЧҮН КОМПЕНСАЦИЯЛЫК ТӨЛӨМДӨРДҮ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Аскер кызматчыларын жана укук коргоо органдарынын кызматкерлерин турак жай менен камсыз кылуу максатында, “Аскер кызматчыларынын статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-статьясына, “Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарында кызмат өтөө жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 72-беренесине, “Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 85-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн, башка аскердик түзүлүштөрүнүн, мыйзам менен аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарынын аскер кызматчыларына жана укук коргоо органдарынын кызматкерлерине ипотекалык кредитти төлөө үчүн компенсациялык төлөмдөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-октябрындагы №620 “Аскер кызматчыларына, укук коргоо органдарынын кызматкерлерине жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнө кызматтык турак жайларды берүү жана аларды пайдалануу тартибинин өзгөчөлүктөрү жөнүндө жобону жана Турак жай (тиричиликтик) комиссиялары жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Аскер кызматчыларына, укук коргоо органдарынын кызматкерлерине жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнө кызматтык турак жайларды берүү жана аларды пайдалануу тартибинин өзгөчөлүктөрү жөнүндө жободо:

– 16-пункттун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“16. Аскер кызматчылары/кызматкерлер кызмат өтөө мезгилинде ипотекалык программага катышкан учурда жана ипотекалык кредитти (зайымды, ссуданы) төлөп бүткөнгө чейин аларга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктаган өлчөмдө жана тартипте акча каражаттары төлөнүп берилет.”.

**3.** Бул токтомдун колдонулушу төмөнкү аскер кызматчыларына/укук коргоо органдарынын кызматкерлерине жайылтылат:

1) 2025-жылдын 1-июлуна чейин кошо алганда коммерциялык банкттар аркылуу жана “Мамлекеттик ипотекалык компания” ачык акционердик коомунун программалары боюнча ипотекалык кредиттөө келишимдерин түзгөн;

2) 2025-жылдын 2-июлунан тартып “Мамлекеттик ипотекалык компания” ачык акционердик коомунун программалары боюнча гана ипотекалык кредиттөө келишимдерин түзгөн.

**4.** Бул токтомду ишке ашыруу аскердик кызмат каралган Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары жана укук коргоо органдары үчүн тиешелүү жылга жана кийинки жылдарга республикалык бюджетте каралган бекитилген каражаттардын чегинде жүргүзүлөт деп белгиленсин.

**5**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 5-сентябры, №562***

## БИШКЕК ШААРЫНЫН АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР ТИЛКЕСИН “АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР” КАТЕГОРИЯСЫНАН “КАЛКТУУ КОНУШТАРДЫН ЖЕРЛЕРИ” КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Бишкек шаарынын аймагында административдик имарат куруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесине, “Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин экинчи бөлүгүнүн $12^{2}$-пунктуна, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Бишкек шаарынын мэриясынын 2025-жылдын 5-августундагы №201 токтомун, Бишкек шаарынын мэриясынын жер комиссиясынын 2025-жылдын 5-августундагы корутундусун эске алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Бишкек шаарынын Ленин районунун №109 контурунда жайгашкан, мамлекеттик менчикте турган, жалпы аянты 3,25 га сугат айдоо жер тилкеси “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Калктуу конуштардын жерлери” категориясына которулсун (трансформациялансын).

**2.** Бишкек шаарынын мэриясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

2) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесин максаттуу пайдаланууну;

3) курулуш ченемдерин жана эрежелерин так сактоо менен Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектура чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык жогоруда көрсөтүлгөн жер тилкесинин шаар куруу документтерин иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

4) көрсөтүлгөн жер тилкесинде тарыхый-маданий мурас объекттери табылган учурда Кыргыз Республикасынын тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө мыйзамдарына ылайык аларды сактоону;

5) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкеси пайдаланылбаган же максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган учурда аларды алып коюуну жана баштапкы абалына келтирүүнү караган чараларды көрүүнү;

6) Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарында белгиленген ченемдерге ылайык айыл чарба жана токой чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын жана алынбай калган пайдасынын ордун толтуруу наркынын суммасын төлөөнү;

7) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинин аянтын калыбына келтирүүнү, асылдуулугу төмөн жерлерге талдоо жүргүзүүнү жана аларды айыл чарба жүгүртүүсүнө киргизүүнү;

8) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 “Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди жана ченемдерди сактоону;

9) Чыңалуусу 1000 вольттон жогору электр тармактарын коргоо эрежелерине ылайык электр берүү аба линияларын коопсуз жана талаптагыдай эксплуатациялоо үчүн тиешелүү коргоо аралыктарын сактоону.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 5-сентябры, №561***

## БИШКЕК ШААРЫНЫН АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР ТИЛКЕСИН “АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР” КАТЕГОРИЯСЫНАН “КАЛКТУУ КОНУШТАРДЫН ЖЕРЛЕРИ” КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Бишкек шаарынын Октябрь районунун аймагында көп кабаттуу турак жай комплексин куруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Бишкек шаарынын мэриясынын 2025-жылдын 4-августундагы №200 токтомун, Бишкек шаарынын мэриясынын жер комиссиясынын 2025-жылдын 29-июлундагы корутундусун эске алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Бишкек шаарынын Октябрь районунун №25, 27, 28 контурларында жайгашкан, Б.С. Дикамбаевдин жеке менчигинде турган жалпы аянты 1,7 га, анын ичинде 1,5 га огород, 0,2 га жайыт жер тилкеси “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Калктуу конуштардын жерлери” категориясына которулсун (трансформациялансын).

**2.** Бишкек шаарынын мэриясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

2) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесин максаттуу пайдаланууну;

3) курулуш ченемдерин жана эрежелерин так сактоону эске алуу менен Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектура жаатындагы мыйзамдарына ылайык жогоруда көрсөтүлгөн жер тилкесинин шаар куруу документтерин иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

4) өздүк каражаттардын эсебинен аймактын жашоо-тиричилигин камсыз кылуу системасынын иштөөсүн жана өнүгүүсүн, социалдык-экономикалык өнүгүүнү уюштурууну;

5) көрсөтүлгөн жер тилкесинде тарыхый-маданий мурас объекттери табылган учурда Кыргыз Республикасынын тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө мыйзамдарына ылайык аларды сактоону;

6) автомобиль жолдорунун техникалык параметрлерин, “Автомобиль жолдору жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык ченемдерин жана талаптарын сактоону;

7) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкеси пайдаланылбаган же максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган учурда аларды алып коюуну жана баштапкы абалга келтирүүнү караган чараларды көрүүнү;

8) Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдары менен белгиленген ченемдерге ылайык айыл чарба жана токой чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын жана алынбай калган пайданын ордун толтуруунун наркынын суммасын төлөөнү;

9) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинин аянтын калыбына келтирүүнү, асылдуулугу төмөн жерлерге талдоо жүргүзүүнү жана аларды айыл чарбалык жүгүртүүгө киргизүүнү;

10) Чыңалуусу 1000 вольттон жогору электр тармактарын коргоо эрежелерине ылайык электр берүү аба линияларын коопсуз жана талаптагыдай эксплуатациялоо үчүн тиешелүү коргоо аралыктарын сактоону;

11) коомдук саламаттык сактоо жаатындагы ченемдик актыларды сактоону.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 5-сентябры, №563***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## БИШКЕК ШААРЫНЫН АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР ТИЛКЕСИН “АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР” КАТЕГОРИЯСЫНАН “КАЛКТУУ КОНУШТАРДЫН ЖЕРЛЕРИ” КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Бишкек шаарынын Октябрь районунун аймагында көп кабаттуу турак үйлөрдү куруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесине, “Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин экинчи бөлүгүнүн $12^1$, $12^2$-пункттарына, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Бишкек шаарынын мэриясынын 2025-жылдын 7-июлундагы №163 токтомун жана Бишкек шаарынын мэриясынын жер комиссиясынын 2025-жылдын 19-июнундагы корутундусун эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Бишкек шаарынын Октябрь районунун №22 контурунда жайгашкан Ю.З. Закировдун, М.З. Закированын, А.З. Закировдун, С.З. Закировдун жана Э.Ж. Айтымбетованын жеке менчигинде турган, жалпы аянты 3,95 га сугат айдоо жер тилкеси көп кабаттуу турак үйлөрдү куруу үчүн “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Калктуу конуштардын жерлери” категориясына которулсун (трансформациялансын).

**2.** Бишкек шаарынын мэриясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

2) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесин максаттуу пайдаланууну;

3) жогоруда аталган жер тилкесинин шаар куруу документтерин курулуш ченемдерин жана эрежелерин так сактоо менен Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектура чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

4) жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен аймактын жашоо-тиричилик камсыз кылуу системасынын иштөөсүн жана өнүгүүсүн, социалдык-экономикалык өнүгүүсүн уюштурууну;

5) Кыргыз Республикасынын тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө мыйзамдарына ылайык көрсөтүлгөн жер тилкесинде тарыхый-маданий мурас объекттери аныкталган учурда аларды сактоону;

6) автомобиль жолдорунун техникалык параметрлерин, “Автомобиль жолдору жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерин жана талаптарын сактоону;

7) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкеси пайдаланылбаган же максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган учурда аларды алып коюуну жана баштапкы абалына келтирүүнү караган чараларды көрүүнү;

8) Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдары менен белгиленген ченемдерге ылайык айыл чарба жана токой чарба өндүрүштөрүндөгү зыяндын жана алынбай калган пайданын ордун толтуруу наркынын суммасын төлөөнү;

9) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинин аянтын калыбына келтирүүнү, асылдуулугу төмөн жерлерди талдоону жана аларды айыл чарба жүгүртүүсүнө киргизүүнү;

10) Чыңалуусу 1000 вольттон жогору электр тармактарын коргоо эрежелерине ылайык электр берүү аба линияларын коопсуз жана талаптагыдай эксплуатациялоо үчүн тийиштүү коргоо аралыктарын сактоону;

11) коомдук саламаттык сактоо жаатындагы ченемдик актыларды сактоону.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 5-сентябры, №564***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУНУН ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУНУН ТОРУ-АЙГЫР-ТАМЧЫ АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР ТИЛКЕСИН “АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР” КАТЕГОРИЯСЫНАН “ӨНӨР ЖАЙДЫН, ТРАНСПОРТТУН, БАЙЛАНЫШТЫН, ЭНЕРГЕТИКАНЫН, КОРГООНУН ЖЕРЛЕРИ ЖАНА БАШКА БАГЫТТАГЫ ЖЕРЛЕР” КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районунун Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагында спорттук-реабилитациялоо борборун, социалдык-маданий жана тиричилик багытындагы объекттерди куруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2025-жылдын 25-июлундагы №01-9-4461 корутундусун, Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районунун мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 10-февралындагы №15 токтомун көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районунун Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагындагы №1902, №1907 контурларда жайгашкан, А. Нурланбековдун менчигинде турган, көп жылдык өсүмдүктөр ээлеген, жалпы аянты 16,0 га жер тилкеси “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайдын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргоонун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына которулсун (трансформациялансын).

**2.** Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районунун мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын жана алынбай калган пайданын ордун толтуруу наркын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык төлөөнү;

2) жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

3) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесин максаттуу багыты боюнча пайдаланууну;

4) курулуш ченемдерин жана эрежелерин так сактоону эске алуу менен Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектура жаатындагы мыйзамдарына ылайык жогоруда көрсөтүлгөн жер тилкесинин шаар куруу документтерин иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

5) жамгырдын жана эриген кардын сууларын коопсуз буруу системасынын иштөөсүн, башкы пландагы жер титирөөгө каршы иш-чараларды жана тийиштүү аймакта кооптуу процесстерге жана кубулуштарга мониторинг жүргүзүү, болжолдоо боюнча колдонмону сактоону;

6) өздүк каражаттардын эсебинен аймактын жашоо-тиричилигин камсыз кылуу системасынын иштөөсүн жана өнүгүүсүн, социалдык-экономикалык өнүгүүнү уюштурууну;

7) Кыргыз Республикасынын тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө мыйзамдарына ылайык ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинде тарыхый-маданий мурас объекттери аныкталган учурда аларды сактоону;

8) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкеси пайдаланылбаган же максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган учурда аны алып коюуну жана баштапкы абалына келтирүүнү караган чараларды көрүүнү;

9) “Автомобиль жолдору жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык автомобиль жолунун бөлүнгөн тилкесин сактоону;

10) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди жана ченемдерди сактоону.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 5-сентябры, №565***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРУЛУШ, АРХИТЕКТУРА ЖАНА ТУРАК ЖАЙ-КОММУНАЛДЫК ЧАРБА МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ БАА ТҮЗҮҮ ЖАНА СМЕТАЛЫК ЧЕНЕМДӨӨ РЕСПУБЛИКАЛЫК БОРБОРУН ЖОЮУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигинин ишин оптималдаштыруу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигине караштуу Баа түзүү жана сметалык ченемдөө республикалык борбору жоюлсун.

**2.** Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлиги белгиленген тартипте жоюу комиссиясын түзсүн.

**3**. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемесинде:

– 15-пункттагы “58”, “126” деген цифралар тиешелүү түрдө “64”, “120” деген цифраларга алмаштырылсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 22-апрелиндеги №221 “Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигинин маселелери жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

– 1-пункттун 8-пунктчасы, 2-пункттун 10-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын;

– жогоруда аталган токтомдун 2-тиркемеси ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**5.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 15-июлундагы №412 “Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигине караштуу Инженердик изилдөөлөр департаментин түзүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 3-пункт күчүн жоготту деп таанылсын.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7.** Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигине караштуу Баа түзүү жана сметалык ченемдөө республикалык борборунун ишин токтотуу катталган датадан тартып күчүнө кирген 4-пунктун кошпогондо, расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 5-сентябры, №566***

## 2026–2030-ЖЫЛДАРГА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КАЛКТУУ КОНУШТАРЫНЫН БАШКЫ ПЛАНДАРЫН ИШТЕП ЧЫГУУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ПРОГРАММАСЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарын башкы пландар менен толук камсыз кылуу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) 2026–2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарынын башкы пландарын иштеп чыгуу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин программасы (мындан ары – Программа) 1-тиркемеге ылайык;

2) Башкы пландарды иштеп чыгууну талап кылган Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарынын тизмеги 2-тиркемеге ылайык.

**2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:

1) “Кыргыз Республикасынын 2026-жылга жана 2027–2028- жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгууда калктуу конуштардын башкы пландарын иштеп чыгууга 480 000 000 (төрт жүз сексен миллион) сомдон кем эмес өлчөмдө акча каражаттарын карасын;

2) 2027–2030-жылдары Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарынын башкы пландарын жана башкы пландар үчүн топографиялык негиздерди иштеп чыгууга жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына 480 000 000 (төрт жүз сексен миллион) сомдон кем эмес акча каражаттарын жыл сайын издеп тапсын жана бөлүп турсун.

**3.** Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруу органдарына тиешелүү калктуу конуштардын башкы пландарын иштеп чыгуу боюнча жумуштардын заказчысы катары чыгуу, бюджеттердин ар жылдык пландарында башкы пландарды иштеп чыгуу үчүн “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 51-беренесинин 7-пунктуна ылайык каражаттарды кароо сунушталсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлиги:

1) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен тиешелүү аймактардын калктуу конуштарынын башкы пландарын иштеп чыгуу, долбоордук уюмдар менен келишимдерди түзүү жана Программаны белгиленген мөөнөттөрдө аткаруу боюнча зарыл иштерди жүргүзүүнү камсыз кылсын;

2) Кыргыз Республикасынын архитектуралык-курулуш иши чөйрөсүндөгү ар кандай деңгээлдеги шаар куруу документтерин жана техникалык ченемдерди иштеп чыгуу үчүн каражаттарды тартуу боюнча эл аралык жана башка инвестициялык донор уюмдар менен ишти туруктуу негизде жүргүзсүн;

3) ар бир жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча отчеттук мезгилден кийинки айдын 25инен кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына ушул токтомду ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө отчет берип турсун.

**5.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-августундагы №490 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-2025-жылдарга Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарынын башкы пландарын иштеп чыгуу боюнча программасын бекитүү жөнүндө” токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №313 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-августундагы №490 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-2025-жылдарга Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарынын башкы пландарын иштеп чыгуу боюнча программасын бекитүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 22-апрелиндеги №221 “Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигинин маселелери жөнүндө” токтомунун 7-пункту.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 5-сентябры, №567***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2024-ЖЫЛДЫН 19-МАРТЫНДАГЫ №122 “2025-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА АЙЫЛ ЧАРБАСЫН КАТТООГО ДАЯРДЫК КӨРҮҮ ЖАНА ӨТКӨРҮҮ ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

“Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 19-мартындагы №122 “2025-жылы Кыргыз Республикасында айыл чарбасын каттоого даярдык көрүү жана өткөрүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген 2025-жылы айыл чарбасын каттоого өз убагында жана сапаттуу даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча негизги иштердин календардык планында:

– 14-пункт “Калктуу конуштардын” деген сөздөрдөн кийин “(шаарларды кошпогондо)” деген сөздөр менен толукталсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 6-сентябры, №568***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 21-ЯНВАРЫНДАГЫ №25 “ЖЕРЛЕРДИ БУЗГАНДЫГЫ ҮЧҮН ЗЫЯНДЫН ӨЛЧӨМҮН ЭСЕПТӨӨНҮН ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Суу ресурстарын сарамжалдуу пайдаланууну камсыз кылуу, сугат жерлеринин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 22-июлундагы №202 “Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексин андан ары өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгын аткаруу үчүн, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 72-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 21-январындагы №25 “Жерлерди бузгандыгы үчүн зыяндын өлчөмүн эсептөөнүн тартибин бекитүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– төмөнкүдөй мазмундагы $1^1$-пункт менен толукталсын:

“$1^1$. Бул токтомдун колдонулушу Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлеринде, анын ичинде асылдуулугу төмөн жерлерде суу үнөмдөөчү сугат системаларынын курулмаларын жайгаштырууда жерлерди бузууга карата жайылтылбайт деп белгиленсин.”.

**2.** Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги:

– жергиликтүү мамлекеттик администрациялар менен биргеликте агрономиялык, экономикалык жана техникалык критерийлерди эске алуу менен суу үнөмдөөчү сугат системалары менен жабдылууга тийиш болгон Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлериндеги, анын ичинде асылдуулугу төмөн жерлердеги жер тилкелерин аныктоону камсыз кылсын;

– тиешелүү жылдарга республикалык бюджетте каралган каражаттардын чегинде Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлеринде, анын ичинде асылдуулугу төмөн жерлерде суу үнөмдөөчү сугат системаларын орнотуу боюнча иш-чараларды ишке ашырууну камсыз кылсын;

– сугат суусун берүү келишиминин негизинде суу берүүнү камсыз кылсын;

– суу үнөмдөөчү системаларды колдонуу менен өстүрүлгөн продукцияны сатуудан түшкөн кирешенин 20%ынан кем эмес бөлүгүнө барабар болгон төлөмдү суу пайдалануучу тарабынан төлөө шартында орнотулган суу үнөмдөөчү сугат системаларын күтүү жана техникалык тейлөө боюнча жумуштарды аткарууну, анын ичинде туруктуу сезондук даярдоону жана оңдоону уюштурсун.

**3.** Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар насостук-күч, суу топтоочу жана суу үнөмдөөчү сугат системаларынын башка коштоочу курулмалары менен жабдууларын жайгаштыруу үчүн жер тилкелерин аныктоону жана райондук суу чарба башкармалыктарына убактылуу мөөнөттүү пайдаланууга өткөрүп берүүнү камсыз кылсын, ошол эле учурда мындай жер тилкелеринде, ошондой эле алардын сакталышын камсыз кылуу үчүн суу үнөмдөөчү сугат системаларынын магистралдык түтүктөрү жайгаштырылган жерлердин үстүндө коргоо зонасын белгилесин.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 8-сентябры, №569***

## Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинин Ысык-Көл аймактык башкармалыгы

### төмөнкү маршруттар боюнча автомобиль транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташууларды уюштурууга электрондук сынак жарыялайт.

| № | Лоттун номуру | Каттамдын номуру жана аталышы | Автобустарды жөнөтүү убактысы | Автобустарды жөнөтүү орду | Автобустардын керектүү саны |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 14 | **№603** Бөкөнбаев–Бишкек Темир-Канат аркылуу (түштүк) | 07-30, 12-00, 15-00 (сезондук) (бир күн сайын) | АК Бөкөнбаев | 5 |
| | | | Артка 11-50, 13-30, 15-00 (сезондук) | Бишкек автобекети | |
| 2 | | **№320** Бөкөнбаев–Балыкчы | 07-30 | АБ Бөкөнбаев | 2 |
| | | | Артка 14-40 | АБ Балыкчы | |

Конкурска юридикалык жана жеке жактар, ишкердик иш субъекти катары катталган жүргүнчүлөрдү ташууга тиешелүү уруксаттамасы бар ишкерлер катыша алат. Конкурстук сунуштар, маалыматтар электрондук түрүндө тапшырылышы керек.

Конкурстун катышуучулары конкурстун документтерин төмөнкү даректен ала алышат.

**Кыргыз Республикасы, Балыкчы ш., Ж.Абдрахманов көч. №15. Тел.: (03944) 7-09-02, (0701) 08-65-66.**

Билдирмелер жана конкурстук документтер **2025-жылдын 9-сентябрынан баштап 2025-жылдын 8-октябрында саат 18.00гө чейин** кабыл алынат.

Сынак Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинин Ысык-Көл аймактык башкармалыгында **2025-жылдын 10-октябрында** төмөнкү дарек боюнча: **Кыргыз Республикасы, Балыкчы шаары, Озерная №221** дарегинде **саат 10.00дө** өткөрүлөт.

## Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинин Ысык-Көл аймактык башкармалыгы

### төмөнкү маршруттар боюнча автомобиль транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташууларды уюштурууга электрондук сынак жарыялайт.

| № | Лоттун номуру | Каттамдын номуру жана аталышы | Автобустарды жөнөтүү убактысы | Автобустарды жөнөтүү орду | Автобустардын керектүү саны |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 15 | **№340** Кажы-Сай–Ак-Сай | 08-00, 09-45, 11-30, 13-15, 15-00, 16-45, 18-10 (бир күн сайын) | АК Тоң | 6 |
| | | | Артка 08-00, 09-45, 11-30, 12-55, 14-40, 16-25, 17-50 | Ак-Сай а. | |
| 2 | | **№315** Каракол–Бөкөнбаев | 14-20, 15-10, 17-00 (күн сайын) | АБ Бөкөнбаев | 2 |
| | | | Артка 10-30, 11-30, 18-00 | АК Торгоев | |
| 3 | | **№316** Каракол–Комсомол Ч/з Кара-Коо–Каракол | 14-00 (күн сайын) | АК Торгоев | 2 |
| | | | Артка 08-00 | Комсомол а. | |
| 4 | | **№335** Каракол–Тогуз-Булак–Каракол | 13-00 (бир күн сайын) | АБ Каракол | 2 |
| | | | Артка 07-00 | Тогуз-Булак а. | |
| 5 | | **№314** Кажы-Сай-Каракол–Кажы-Сай | 07-30 (күн сайын) | Кажы-Сай а. | 2 |
| | | | Артка 11-50 | АК Торгоев | |

Конкурска юридикалык жана жеке жактар, ишкердик иш субъекти катары катталган жүргүнчүлөрдү ташууга тиешелүү уруксаттамасы бар ишкерлер катыша алат. Конкурстук сунуштар, маалыматтар электрондук түрүндө тапшырылышы керек.

Конкурстун катышуучулары конкурстун документтерин төмөнкү даректен ала алышат.

**Кыргыз Республикасы, Балыкчы ш., Ж.Абдрахманов көч. №15. Тел.: (03944) 7-09-02, (0701) 08-65-66.**

Билдирмелер жана конкурстук документтер **2025-жылдын 11-сентябрынан баштап 2025-жылдын 10-октябрында саат 18.00гө чейин** кабыл алынат.

Сынак Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинин Ысык-Көл аймактык башкармалыгында **2025-жылдын 13-октябрында** төмөнкү дарек боюнча: **Кыргыз Республикасы, Балыкчы шаары, Озерная №221** дарегинде **саат 10.00дө** өткөрүлөт.

***Асан уулу Иличбекке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акт сериясы Ч№463414 (берилген күнү 12.06.2013-ж.), идентификациялык код 3-04-09-1004-0562 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Д-05

***В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок Ч №184450 на имя Ордобаева Бактыбека Бакаевича считать недействительным.***

П/П 450

***Кочкор районунун Кочкор айылынын тургуну Бекбоосун кызы Айдайга тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 33611167 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 575

***Өзгөн районунун тургуну Кочкаров Музафаржан Санжарбековичке тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 24778454 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 958

***Эсенгулов Бактыбек Айтбаевичке тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү сериясы Ч №0021 (07.07.1999-жылы берилген) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

М.б.

***Баткен районуна караштуу Ак-Татыр айыл аймагынын муниципалдык менчигине таандык жер участогун мөөнөтсүз пайдалануу укугу жөнүндөгү сериясы Б №009636 мам. актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын***

Н-504

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## «Мамлекеттик лизинг компаниясы» ААК (мындан ары «Коом»)

***2025-жылдын 25-сентябрында саат 16.00дө Бишкек шаары, Москва көчөсү, 3 дарегинде коомдун акционерлеринин кезексиз жалпы чогулушу боло тургандыгы жөнүндө кабарлайт.***

**Күн тартибине төмөндөгүдөй маселелер киргизилди:**

1. Эсептөө комиссиясы жөнүндө.
2. 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча коомдун финансылык отчеттуулугуна аудит жүргүзүү боюнча аудитордук уюмду тандоо жана аудитордук уюмга сыйакынын өлчөмүн аныктоо жөнүндө.
3. Коомдун уставына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө.

Акционерлерди каттоо **саат 15.00дө** башталып, **саат 16.00дө** аяктайт.

Чогулушка катышууга укугу бар акционерлердин тизмесин түзүү күнү – **2025-жылдын 5-сентябры.**

Акционерлердин алдыда боло турган жалпы чогулушунун материалдары менен төмөндөгү даректен таанышууга болот: **Бишкек шаары, Москва көчөсү, 3.**

С/ф

## Чүй облусунун Кемин районунун Чоң-Кемин айыл аймагындагы “Алтын-Чөйчөк” муниципалдык ишканасы

жайыт жерлерден төмөндөгү контурлар боюнча 1825/2,9 – башка багытта (туризм), 513/1,0 – туризмге жайыт жерлерди ижарага берүүгө конкурс жана соодалашуу жарыялайт.

Н-499

**УРМАТТУУ АКЦИОНЕРЛЕР!**

## "Кайыңды-Кант" ААК

***акционерлердин кезексиз жалпы чогулушу 2025-жылдын 30-сентябрында саат 11.00дө Кыргыз Республикасы, Панфилов району, Кайыңды ш., Мир көчөсү, 1 дареги боюнча заводдун башкармасынын имаратында өткөрүлөрүн билдирет.***

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү.
2. 2024-жылдагы иштин жыйынтыгы боюнча Директорлор кеңешине сый акыны бекитүү.
3. Социалдык-маданий объектилерди өткөрүп берүү: Ишкананын балансында турган маданият үйүн жана бала бакчаны Кайыңды шаардык мэриясынын муниципалдык менчигине өткөрүү.

Жыйынга катышууга укугу барлардын тизмесин түзүү күнү – **2025-жылдын 8-сентябры.**

Каттоонун башталышы: **саат 10.00.**

Каттоонун аякталышы: **саат 11.00.**

Акционерлердин жанында паспорту, ал эми акционерлердин жана юридикалык жактардын өкүлдөрүнүн паспорту жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык берилген ишеним каты болууга тийиш.

Акционерлердин чогулушун өткөрүүгө даярдык көрүү үчүн акционерлерге берилүүчү маалыматтарды (материалдар) **иш күндөрү саат 9.00дөн 17.00гө чейин** коомдун жайгашкан жери: **Чүй облусу, Панфилов району, Кайыңды ш., Мир көчөсү, 1** дареги боюнча алса болот.

**Маалымат үчүн телефондор:**
**Кайыңды ш. (03137) 5-15-02, Кара-Балта ш. (03133) 3-53-31.**

---

**УВАЖАЕМЫЕ АКЦИОНЕРЫ!**

## ОАО «Каинды-Кант»

***Уведомляет Вас о том, что внеочередное общее собрание акционеров, состоится 30 сентября 2025 г. в 11.00 часов, по адресу: Кыргызская Республика, Панфиловский район, г.Каинда, ул.Мира, 1 в здании заводоуправления.***

**ПОВЕСТКА ДНЯ:**

1. Утверждение состава счетной комиссии.
2. Утверждение вознаграждения Совету директоров по итогам работы 2024 г.
3. Передача объектов соцкультбыта: Дом культуры и детский сад, находящиеся на балансе Общества, в муниципальную собственность мэрии г.Каинда.

День списка на право участия в собрании: **8 сентября 2025 г.**

Начало регистрации: **10.00 часов.**

Окончание регистрации: **11.00 часов.**

Акционерам необходимо при себе иметь паспорт, а представителям акционеров и юридических лиц – паспорт и доверенность, оформленную в соответствии с требованиями законодательства КР.

С информацией (материалами), подлежащей предоставлению акционерам при подготовке к проведению собрания акционеров, можно ознакомиться **в рабочие дни с 9.00 до 17.00 ч.** по месту нахождения общества: **Чуйская область, Панфиловский район, г.Каинда, ул.Мира, 1.**

**Справки по телефону:**
**г. Каинда (03137) 5-15-02, г. Кара-Балта (03133) 3-53-31.**

***Асаналиева Жыргалга тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 26728934 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 743

## СОКУЛУКСКАЯ ГОСУДАРСТВЕННАЯ НОТАРИАЛЬНАЯ КОНТОРА Чуйской области Кыргызской Республики

**объявляет об открытии наследственного дела после смерти Яценко Сергея Васильевича, умершего 15 февраля 2024 года, заключающегося в жилой квартире, находящегося по адресу: Кыргызская Республика, Чуйская область, Сокулукский район, г. Шопоков, Новостройка, д. 16, кв. 12.**

По вопросам обращаться в нотариальную контору Сокулукского района по адресу: **Кыргызская Республика, Чуйская область, Сокулукский район, с. Сокулук, ул. Ленина, 131.**

Н-498

## Частный нотариус нотариального округа Московского района Чуйской области Кыргызской Республики Муллаянова Перизат Шейшенбековна

**извещает/объявляет об открытии наследства на имущество оставшейся после смерти Барабаш Надежды Николаевны умершей 5 марта 2025 года.**

Наследникам, претендующим на долю в наследственном имуществе предлагаю обратиться по адресу: **Кыргызская Республика, Чуйская область, Московский район, село Беловодское, ул. Ленина, дом 57, кв. 17, раб. телефон: (03131) 5-17-72.**

Н-501

***Базар-Коргон районунун Акман айыл аймагынын Жон айылында Ош–Бишкек авто унаа жолунун жээгинде жайгашкан муниципалдык менчикте турган имарат ачык аукцион аркылуу ижарага берилет.***

Аукцион **2025-жылдын 30-сентябрында саат 15.00дө Бешик-Жон айылынын А.Масабиров көчөсүнүн №7** дареги боюнча өткөрүлөт. Арыздарды кабыл алуу **2025-жылдын 26-сентябрь күнү саат 17.00гө чейин** жүргүзүлөт.

**Байланыш тел.: (0772) 11-82-11.**

Д-05

***Сапаров Жакшылык Каракойчиевичке тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке икшердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 22311670 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-500

***Өзгөн шаарынын тургуну Дадабаева Мухарромхон Расулжановнага таандык кыймылсыз мүлктү сатуу жана сатып алуу жөнүндөгү келишими каттоо №20139128 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 636

***Өзгөн районунун тургуну Кудайбердиева Света Калдарбаевнага таандык жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 27179398 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 817

***Өзгөн районунун тургуну Таирбеков Курсантбек Акуновичке таандык жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 22075895 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 688

***Экибаева Лаззат Дуйсеновнага тиешелүү 2001-жылдын 14-февралында берилген сериясы ТКАЧ №5-305 жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 037

***Исабеков Тилек Султановичке тиешелүү мамлекеттик салык кызматынын Жумгал району боюнча башкармалыгы тарабынан 28.02.2012-жылы берилген жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 25977859 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 042

***Токтогул районунун Кызыл-Өзгөрүш айыл өкмөтүнүн тургуну Алипов Эрнис Арзыматовичке тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү Р №51 №0063328, иден.коду 3-07-09-0021-0147, 0-07-09-0021-0165 (02.03.2000-жылы берилген) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-502

***Базар-Коргон районунун Сайдыкум айыл өкмөтүнө тиешелүү муниципалдык менчиктеги жер тилкелеринин мөөнөтсүз пайдалануу укугу жөнүндө мамлекеттик акт сериясы Б№048607, Б№048608 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Д-05

***Нарсыдинова Диларам Махаматумаровнага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акт сериясы ЧN598276 (берилген күнү 16.06.2015-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Д-05

***В связи с утерей гос.акта о праве частной собственности зем. участки серии: Ч №1124830, Ч №1124828, Ч №1124827, Ч №532530, Ч №532542 на имя Турдубаева Съездбека Жумашалиевича считать недействительными.***

Н-503

## ЖОГОЛДУ
### УТЕРЯ

***В связи с утерей удостоверение на право временного пользования земельным участком серии В №0112006 ж/м “Эне-Сай”, иден.№1-03-12-0057-0555 (от 25.01.2024 г.) на ОО “Умтул” считать недействительным.***

Н-495

***В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Сарымсаков Бахтияр Мамтиминович код ОКПО 24311532 считать недействительным.***

Н-497

***Назаралиев Нурадин Жусупбековичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №1195143 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 011

***Кара-Кулжа районуна караштуу Ой-Тал айыл өкмөтүнүн Сары-Бээ айылынын тургуну Моңолбаев Калыбай Абдиевичке таандык сериясы СБ №118 жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 091

***Жолдошов Нурсултан Ташкозуевичке тиешелүү диплому сериясы №УС 140051487 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 481

***Токтогул районунун тургуну Акышов Бирматка тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам. актысы Ч №650345 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 067

***Досалиева Роза Нурлановнага тиешелүү диплому сериясы УС №200175348 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

М.б.

***Доктурбекова Рахат Доктурбековнага тиешелүү диплому сериясы №УВ 170007078 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

М.б.

***Баткен районуна караштуу Бужум айылынын тургуну Ысмайылов Марат Мамажунусовичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №378943 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 103

***В связи с утерей печати ОсОО «Тескей Трэвел» считать недействительным.***

М.б.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

КЫРГЫЗ БАНКЫ

**төмөнкү багыттар боюнча ачык сынак жарыялайт:**

***- Банктык эсептешүүлөр башкармалыгынын финансы рынокторундагы бүтүмдөр боюнча эсептешүүлөр бөлүмүнүн мөөнөттүү эмгек келишими боюнча иштөөгө талапкерлерди тандоо үчүн ачык сынак жарыялайт – 1 бирдик.***

Документтер **2025-жылдын 19-сентябрында саат 17.00гө чейин** кабыл алынат.

Сынакка катышуу үчүн талапкерлерге карата коюлган квалификациялык талаптар, алардын функционалдык милдеттери жана тиешелүү документтердин тизмеси Улуттук банктын **www.nbkr.kg** расмий интернет-сайтында *(«Ишке кабыл алуу»/«Бош турган кызмат орундары» бөлүгүндө)* жайгаштырылган.

**Бардык суроолор менен Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168 дареги боюнча жайгашкан Улуттук банктын Персонал менен иш алып баруу бөлүмүнө же (0312) 66-90-18 телефондору аркылуу кайрылууга болот.**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

КЫРГЫЗ БАНКЫ

**төмөнкү багыттар боюнча ачык сынак жарыялайт:**

***- Банк ишин автоматташтыруу башкармалыгынын сервистик колдоо бөлүмүндө мөөнөттүү эмгек келишими боюнча иштөөгө – 1 бирдик.***

Документтер **2025-жылдын 19-сентябрында саат 17.00гө чейин** кабыл алынат.

Сынакка катышуу үчүн талапкерлерге карата коюлган квалификациялык талаптар, алардын функционалдык милдеттери жана тиешелүү документтердин тизмеси Улуттук банктын **www.nbkr.kg** расмий интернет-сайтында *(«Ишке кабыл алуу»/«Бош турган кызмат орундары» бөлүгүндө)* жайгаштырылган.

**Бардык суроолор менен Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168 дареги боюнча жайгашкан Улуттук банктын Персонал менен иш алып баруу бөлүмүнө же (0312) 66-90-18 телефондору аркылуу кайрылууга болот.**

## Бишкекский филиал ОАО "Айыл Банк"

**реализует списанных товарно-материальных ценностей (ТМЦ), непригодных для дальнейшего использования в ОАО "Айыл Банк".**

Заинтересованное лицо может ознакомиться с полным перечнем товаров (ТМЦ) в офисе Бишкекского филиала, по адресу: **г. Бишкек, ул. Киевская №192 "А" (пересеч. ул. Шевченко №83), 1-й этаж,** и в случае намерения приобрести товары, необходимо написать заявление с указанием телефонных контактов, предлоложенную сумму за весь товар (ТМЦ), и приложить копию паспорта или свидетельство о регистрации юридического лица в органах юстиции.

Окончательный срок подачи заявок **до 14.00 часов 15.09.2025 г.**

Вскрытие предложений состоится **15 сентября 2025 года (время вскрытия 14.00 часов),** в офисе Бишкекского филиала, по адресу: **г. Бишкек, ул. Киевская №192 "А" (пересеч. ул. Шевченко №83).**

Победителями будут признаны претенденты, предложившие наибольшую цену, при равности предложений победителем будет признан претендент, подавший заявку ранее.

Расходы, связанные с вывозом товаров, несет покупатель.

**По всем вопросам, обращаться по телефону: (0312) 31-07-99.**

*В соответствии с п. 2 ст. 8 и п. 10 ст. 27-21 Закона Кыргызской Республики «О банкротстве (несостоятельности)»,*

**специальными администраторами нижеперечисленных субъектов назначены сотрудники Департамента по делам банкротства при Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики:**

| № | Наименование должников-банкротов | Номер и дата приказов ДДБ о назначении | Ф.И.О. специального администратора |
|---|---|---|---|
| 1 | МП «Ничке-Сай» | №132 от 18.08.2025 года | Бекдаиров Урмат Акимканович |
| 2 | ИП Турсунов Муродил Махамаджанович | №137 от 26.08.2025 года | |
| 3 | ИП Безуглова Светлана Васильевна | №147 от 01.09.2025 года | Турарбеков Бектур Шергазиевич |
| 4 | ОсОО «Нур Барс» | №148 от 01.09.2025 года | |
| 5 | АКФХ «Азия-Дюбек» | №149 от 01.09.2025 года | |
| 6 | АВП «Мангыт-гидро» | №150 от 01.09.2025 года | |
| 7 | ОФ «ГКЭР» | №151 от 01.09.2025 года | |
| 8 | ОсОО «ARBOS-Oil Ко» (Арбос-Ойл Ко) | №141 от 01.09.2025 года | Чомоева Диана Акбаровна |
| 9 | ОсОО «Бейпил келечек» | №139 от 01.09.2025 года | |
| 10 | ОсОО «Лаперуза» | №140 от 01.09.2025 года | |
| 11 | ОсОО "Улар-СН" | №116 от 18.07.2025 года | Сыргабекова Айсулуу Сыргабековна |
| 12 | ОсОО "Орекс-Плюс" | №117 от 18.07.2025 года | |
| 13 | Объединение (ассоциация) кооперативов г. Жалал-Абад | №152 от 01.09.2025 года | |
| 14 | ОсОО "Баткеннефтегазсервис-КАСМ" | №153 от 01.09.2025 года | |
| 15 | ИП Джалилов Сапарали Авазович | №143 от 01.09.2025 года | Качыгулова Гульмира Кемельбековна |
| 16 | ИП Жолматов Исмоил Жаныбаевич | №145 от 01.09.2025 года | |
| 17 | ИП Турсунов Шермамат Нурматович | №142 от 01.09.2025 года | |
| 18 | ИП Амиракулов Молдоали Мурзапарович | №146 от 01.09.2025 года | |
| 19 | ИП Сапаралиев Дарманбек Ахматалиевич | №144 от 01.09.2025 года | |

Претензии принимаются по адресу: **г. Бишкек, пр. Чуй, 106, кабинет №106 Департамент по делам банкротства при Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики.**

**Справки по тел.: 62-14-26.**

С/О 780

## 10 октября 2025 г. в 10.00 ч. ОАО «Чакан ГЭС» проводит конкурсные торги по повторной реализации следующего транспортного средства:

| № | Наименование | Стартовая стоимость |
|---|---|---|
| 1 | Прицеп 2 ПТС-4, 1990 г.в. | 72 485,00 сом |
| 2 | Трактор Т-40, 1985 г.в., гос. ном. TRSB 150 | 160 368, 00 сом |
| 3 | Тойота Сурф, 1994 г.в., гос. ном. 4009 BB | 205 265, 00 сом |
| 4 | Субару Легаси, 2000 г.в., гос. ном. 7067 BB | 184 773, 00 сом |
| 5 | Автомобиль Субару Легаси 1999 г.в., г/н 7051 BB (повтор 2 раз) | 207 445 сом |

Прием и регистрация заявок претендентов на покупку автомашин производится **до 10.00 часов 10 октября 2025 г.** по адресу: **Кыргызская Республика, Аламудунский район, пос. ГЭС-3, ул. Суворова, 113 в Отдел закупок и материально-технического снабжения (3 этаж).** В заявлении потенциальный покупатель должен указать: *Ф.И.О. покупателя, контактный телефон, марку автомашины с указанием государственного номера, предлагаемую цену на нее и приложить копию паспорта в запечатанном конверте* для ОАО «Чакан ГЭС». Оплатить «Гарантийное обеспечение конкурсной заявки - **2%**. Гарантийное обеспечение конкурсной заявки должно оставаться в силе в течение 20 календарных дней. Вскрытие предложений состоится **8 октября 2025 г. в 10.00 часов, по адресу: Кыргызская Республика, Аламудунский район, пос. ГЭС-3, ул. Суворова, 113, ОЗиМТС 3 этаж.** Победителями будут признаны претенденты, предложившие наибольшую цену, а при равности предложений, победителями будут признаны претенденты, подавшие заявки ранее. Расходы, связанные с оформлением автомашины в соответствующих органах несет покупатель.

**Вопросы по тел.: (0555) 00-33-05.**
**Дополнительная информация о данном конкурсе опубликована**
**Фэйсбук: chakanges.kg, Инстаграм: @chakangeskg.**

***В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Сулайманов Малик Юсупович код ОКПО 30901232 считать недействительным.***
М.б.

***Ниязалиев Улан Мисановичке тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 24250411 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-494

***Мамбетова Джамиля Айтишовнага тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 27053349 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
М.б.

***Макентай кызы Аязатка тиешелүү диплому сериясы №УС 190191495 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
М.б.

***В связи с утерей лицензии строительных видов деятельности серии КР 4-1-2 №05542 на ОсОО "АкТам курулуш" считать недействительным.***
М.б.

***Абдырахманова Суйүмкан Назирдиновнага тиешелүү диплому сериясы МТ-I №084605 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-493

***Закирова Айчүрөк Абдиевнага тиешелүү диплому сериясы СС №130037974 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-496

ЭРКИН-ТОО
Гезит ээси: КР Министрлер Кабинети

**Биздин реквизиттер:** р/с №1280010019784103 БИК 128001 ОКПО 20108596
ИНН. 00107199210141 ЗАО Кыргызский-Инвестиционно-Кредитный Банк (КИКБ)

**Башкы редактор**
КАРБОСОВА
Жазгүл
Жузуповна

**Кабылдама**
**62-38-75**

Башкы редактордун 1-орун басары
КАЛЫКОВ Шекербек – 62-38-77

Башкы редактордун орун басары
РЫСПАЕВ Курманбек – 62-38-78

Жооптуу катчы
КУЛАТАЕВА Бактыгүл – 62-38-71

**Бөлүмдөр:**
Саясат, укук жана экономика бөлүмү – 66-22-27
Маданият, адабият жана спорт бөлүмү – 62-18-64
Жарнама жана аймактар менен иштөө бөлүмү – 62-19-06 факс
Уюлдук тел.: (0705) 11-75-87
(0773) 11-75-87
Веб-сайт – 62-38-71
Коммерциялык бөлүм – 62-18-66

"Нормативдик актылар" журналы – 62-38-71
Башкы эсепчи – 62-38-73
Компьютердик борбор – 62-38-74

АЙМАКТАР:
Баткен облусу (0772) 07-60-60
Жалал-Абад облусу (0772) 12-82-67
Талас облусу (0700) 90-62-61
Ысык-Көл облусу (0702) 87-98-79
Чолпон-Ата шаары (0500) 20-89-70
Токтогул шаары (0220) 70-71-32

Жарнамалар кыргыз, орус, англис тилдеринде берилет.

**Жарнамалардын мазмунуна редакция жооп бербейт.**
Мыйзамдар бир эле мезгилде кыргыз жана орус тилдеринде "Эркин-Тоо" гезитинде жарыяланып, ал расмий жарыялоо болуп эсептелет.
Автордун көз карашы редакциянын позициясын билдирбейт.

**Биздин дарегибиз:**
Бишкек шаары, 720040,
Абдумомунов көчөсү, 193.

**erkintoo@mail.gov.kg**

● Юстиция министрлигинен берилген катталуу күбөлүгү №592

Жумасына эки ирет: шейшемби, жума күндөрү чыгат.

**Индекси: 68451**

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Буйрутма 415. Нускасы 5353
Басууга 08.09.2025-ж. саат 20.00дө берилди
Сатык келишим баада

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## Кутман ЖОЛДОШЕВ, КРнын эмгек сиңирген артисти:

# “КЭЭДЕ ХАН КӨРБӨГӨН СЫЙДЫ КӨРСӨК, КЭЭДЕ КУЛ КӨРБӨГӨН КЫЙЫНЧЫЛЫККА ТУШ БОЛОБУЗ”

***“Музыка бул – философия менен кеменгерликтен дагы бийигирээк турган жан дүйнөнүн ажайып ачылуусу” деп улуу талант Людвиг Ван Бетховендин айтканы бар. Музыка деген мына ушундай керемет дүйнөдө жашаган, атак-даңк деп жулунбаган өнөр ээси бар. Ал Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын солисти, калың элдин сүйүктүү ырчысы – Кутман Жолдошев. 30 жылдан бери элибиздин жан дүйнөсүн музыка менен азыктандырып, көптөгөн жагымдуу ырларды аткарып келе жаткан Кутман ага бизге жаңылыктары, жеке жашоосу, бала чагы тууралуу айтып берди.***



**- Кутман ага, ырчы болуп калышыңызды кокустук катары кабылдасак болобу? Анткени, сүрөтчү болом деп кыялданып, сүрөтчүлөрдүн мектебин да аяктагансыз да?**

- Кокустук деле эмес го, себеби кичинемден чыгармачылыкка жакын болдум. Актёр болгум келчү. Актёрлорду, артисттерди абдан жакшы көрчүмүн. Ал кезде Мойдунов, Момушева, Шакеевалар аябай популярдуу болуп турган убак эле. Кээде алар айылдарга барып концерт коюшчу. Афишалары илинээри менен менде уйку жок болчу. Кантип барам, эмне кылып кирем деп, ары жак, бери жактан тыйын топтоп, үйдөгү бүтпөгөн жумуштардын бардыгын бүтүрүп, ата-энемен суранып, айтор концертке кирүүнүн айласын издээр элем. Ал кезде азыркыдай бардар турмуш кайда? Айылда бардыгы эле тамекиде иштеп, кой багып, жыргаткан деле тыйын жок. Бирок, бардыгынын ички дүйнөсү бай болчу. Азыр бардыгы бай, ички дүйнөбүз жарды болуп жатпайбы.

**- Ырчылык талантыңыз бар экенин качан баамдадыңыз?**

- Эжем менин мурда кийин ырдаганымды угуп калса керек, 4-класста окуп жүргөндө мектептеги бир иш-чарага алып барды. Мен анда “Каракөлдүн кыздары” деген А.Керимбаевдин ырын ырдадым. Аны менден улуу агам ырдап жүргөндө жаттап алгам. “Бул ырды ырдаганга сага азырынча эрте, өзүңө ылайыктуу ырларды танда” - деп агай-эжейлерим кеңеш беришип, бирок үнүм бар экенин айтып, жакшы пикирлерин билдиришкен. Музыкалык мектепте окуган балдарга абдан суктанып, алардын комузда, аккордеондо ойногондоруна кызыкчумун. Бирок, ал кезде менде окуганга мүмкүнчүлүк жок болчу. Ошентип жүрүп 9-класста бир досуман гитара черткенди үйрөнүп алдым. Мен ырдаганда балдар үйүлүп калышаар эле. Биринчи угармандарым, сынчыларым ошол айылдагы курдаш балдарым болду. Азыркыга чейин ошол кезди эстеп, айтып калышат. Көрсө, Канымгүл Досмамбетованын “Унутпадым” деген ырын ошондо эле ырдачу экенмин.

**- Азыр деле гитара чертип бугуңузду чыгарып аласызбы?**

- Чертпейм деле, бирок балдарыма үйрөттүм. Азыр көбүнчө аккордеон менен ырдайм. Элдик ырларга көбүрөөк басым жасап калдым. Жалал-Абад техникумунда окугандан кийин менин үнүм элдик ырларга жакын экенин билдим да, болбосо ага чейин өзүмө жаккан ырларды ырдай берчүмүн.

**- Сүрөтчүлүк талантыңыз боюнча айтып берсеңиз, сүрөтчү эмес, ырчы болгонуңузга өкүнбөйсүзбү?**

- 7-класстан баштап сүрөт тарта баштадым. Акын-жазуучулардын колго тартылган сүрөттөрүн карап окшоштуктарды байкап, улам тартып жатып кызыгуум күчөп кетти. Сүрөттөн берген мугалимдеримдин жанынан чыкпай, алар мактап койсо ого бетер шыктанып тартчумун. Майрамдарга карата класстар арасында уюштурулган сынактарда биринчиликти берген жокмун. Убагында өкүнгөн учурум болгон, азыр өкүнбөйм. Мектепте окуп жүргөндө агай-эжелер “ким болосуңар” деп сурап калса, бир досум молдо болом десе, мен артист болом деген элем. Ал кезде атеизм күчтүү эмес беле, тигил классташымды эже урушканы эсимде. Көрсө, апасы ошондо эле ага араб тамгаларын үйрөтүп жүрүптүр. Ал азыр айылда чоң молдо болсо, мен артист болдум.

**- Азыркы заманда бир гана ырчылык менен жан багуу кыйын эмеспи. Кошумча киреше булагыңыз барбы? Көп эле ырчылар ишкерчиликтин бир булагын таап кетишти го?..**

- Азыркы ырчылардан айырмаланып биз бардыгын өзүбүз кылчубуз. Азыр деле ушундай, телеге, радиого, ыр жаздырууга өзүбүз чуркап жүрөбүз. Ошол сыяктуу эле ишкерчиликке да шыгым жок окшойт. Болбосо балдарым айткандай бизнес кылууга менде көп эле мүмкүнчүлүк болду. Мен күнүмдүк оокатым өтүп жатабы, кийимим бүтүн, курсагым токпу ошого каниет кылып жүрө берген адам экенмин. Азыркы жаштардын көз карашы таптакыр башка экен да. Алар арканды узун таштап, ошого жараша бардыгын пландап иш жасашаарын билдим. Ошондуктан азыркы жаш ырчылардын жок эле дегенде чач кырка турган чач тарачы бар.

**- Чыгармачылыкка аралашкан 30 жыл ичинде кандай жолду басып өттүңүз?**

- Чыгармачылыктан алыс бир тууган агам бар. Дайыма эле мага “Артисттер силерге эле жыргал, чыгып ырдап коюп кетип каласыңар. Тойго барып эки ырды созуп коюп, жакшы акча табасыңар” дей берчү. Анан бир жолку гастролго ээрчитип, унаасын айдатып, өзүм жанына отуруп алдым. Андан башка 2-3 унаа болуп жолго чыктык. Жолдо унаабыз бузулду, үшүдүк, ачка болдук, уйкудан калдык дегендей. Ошондо байкем “Менин жумушум эле жакшы турбайбы. Мен силердин бир күндүк жашооңорду көрүп эле кандай экенин билдим” - деп жатпайбы. Эми ал бир күндүк эле окуя да, анан элестетип көр 30 жылда канча деген кыйынчылыктар болгонун. Бирок, улуу ага-эжекелерден көп нерсени үйрөндүм, тарбияландым. Мен да ушундай болсом деп эңседим. Ыр тандоону өздөштүрдүм. Анткен менен кичинемден жеңил-желпи ырларга табитим чаппайт.

**- Репертуарыңыздагы ырлардын басымдуу бөлүгү А.Бедияровдун, Р.Абдыкадыровдун ырлары эмеспи. Чоң обончулардын ырларын аткарганыңыздан улам менде ой келип жатат. Сиз чыгарманын алгач обонуна карап, андан кийин текстине басым жасайт ойшойсуз?**

- Жок, мен экөөнө тең карайм. Болгону чыгармачылыкка жаңы аттанганда А.Бедияровдун чыгармалары менен чыктым. Ал киши менен 1995-жылдары таанышкам. Ал кезде агайдын ырлары аябай хит болуп жаткан. Ошол ырлардан ырдап чыктым. Азыр үй-бүлөлүк катыштабыз. Эми деле жаңы обондорунан жөнөтүп, угуп көрүп жакса ырда деп калат.

**- Чыгармачыл адамдын үй-бүлөсү да коомчулукка кызык. Үй-бүлөңүз тууралуу айтып берсеңиз? Сиздин келинчегиңизди да жакшы ырдайт дешет?**

- Чынында үнү бар, анча-мынча ырчыларга караганда жакшы ырдайт. Өзүнүн билимин, чыгармачылыгын курмандыкка чаап, үй-бүлөгө арнады. Өмүр бою менин чыгармачылыгымды түшүнүп, колдоп келди. Балдарыбыз да музыка жандуу. Улуу кызым Миранда ырдап чыгам дегенинен каршы болуп койдум. Кыз балага бул түйшүктүү жолду ыраа көрбөдүм. Андан кийинки балдарым ырдаар десем, алардын өздөрүнүн көңүлү болгон жок. Балдарым менен тамашалашып, достой мамиле кылам. Чектен чыгып баратышса тизгиндеп турам. Бирок негизинен катаал мүнөз аталардан эмесмин.

**- Жеңебиз экөөңүздөр 30 жыл бирге жашап келе жатыптырсыздар. Кандай кыйынчылыктарды бирге басып өттүңүздөр?**

- Жалал-Абаддан Бишкекке көчүп келээрде өзүмчө ойлонуп, “ал жактан мени эч ким таанybaса кандай жашоо болот болду экен, кыйналып калбас бекенбиз” деп сарсанаа болуп, кооптондум. Ага карабай тобокелчиликке салып келдик. Кыйынчылык болбой койгон жок. Дайыма эле бардар жашоодо жашадык дегенден алысмын. Барды да, жокту да чогуу көрдүк. Айлыктан айлыкка жашап, кыйналгандан кайра Жалал-Абадга кетип калсамбы деген да ойлор болду. Бирок ошонун бардыгына келинчегим турушту берди, көтөрдү. Ал күндөрдүн бардыгы артта калды. Чыгармачыл адамдардын бир көргөнүн хан, бир көргөнүн кул көрбөйт деп бекер айтылган эмес. Кээде хан көрбөгөн сыйга, кээде кул көрбөгөн кыйынчылыкка туш болдук.

**- Айылдын баласы эмессизби, кара жумушка кандайсыз же шаардын шартына көнүп, ак кол болуп калдыңызбы?**

- Жок, ак кол болгон жокмун. Илгери айылдан кандай жумуш кылсам азыр деле ошол бойдон калдым. Кичинемде агаларыма таянбай эле болгон жумушту өзүм жасасам, азыр деле балдарыма жумуш кылдыртпайм. Ошого көнүп калгам. Бир жумушту баштасам өзүм бүтүрүп, аягына чыгарсам ошол нерседен каниет алам. Курулуш иштери деле колуман келет, усталардын кызматын пайдаланбайм. Бирок, мойнума алайын кой союп, жиликтей албайм. Кой эмес, тоокту мууздай албайм. Корком, аяйм, кыйналып жатса жанында чыдап тура албайм.

**- Ырчы эмес, сүрөтчү болсоңуз бакыттын пейзажын кандай боёк менен берер элеңиз?**

- Эртең менен турсаң ден соолугуң чың болуп, эч жериң оорубаса, балдарың маңдайыңда болсо, үй-бүлө, жакындарың аман, мамлекетиң тынч болсо мындан өткөн бакыт барбы?

**Жазнура ТОКТОБОЛОТОВА**

## МАЛ БАЗАР АЧЫЛДЫ

Бишкектин Биринчи Май районунда “Алтын-Казык” жаңы мал базары ачылды. Базар Юбилейная көчөсү менен Түндүк айланма жолдун кесилишинде жайгашкан. Базар ветеринардык коргоо зоналарынын бардык талаптарына жооп берет. Анын жалпы аянты 4 гектарды түзөт. Ал жер 1500 баш бодо малды жана 6000 баш майда малды жайгаштырууга ылайыкталган. Мындан тышкары 300 жумушчу орун түзүү пландалууда. Аймакта чарба сарайлар, 360 чарчы метр аянтты ээлеген заманбап ашкана, санитардык талаптарга жооп берген ыңгайлуу мал союучу жай курулган.



## КАМСЫЗДАНДЫРУУ КЕЛИШИМДЕРИ

Акыркы 6 айдын аралагында өлкөдө камсыздандыруу компаниялары 1 609,5 миң камсыздандыруу келишимдерин түзгөн. Алардын 89%га жакыны жеке жактар. Жыл башынан бери 17 миң камсыздандыруу учуру катталган. Анын ичинен 48%га жакыны кокустан болгон кырсыктан жана оорулардан камсыздандыруу келишимине туура келет. Жүргүзүлгөн камсыздандыруу төлөмдөрү негизинен ыктыярдуу мүлктү камсыздандыруу, жеке медициналык, ошондой эле автотранспорт каражаттарын милдеттүү камсыздандыруу келишимдери ОСАГО түзгөн.



## СИМУЛЯЦИЯЛЫК БОРБОРУ ТҮЗҮЛДҮ

Бишкектеги Республикалык клиникалык жугуштуу оорулар ооруканасынын базасында симуляциялык борбор ачылды. Борбор Корей эл аралык саламаттык сактоо фондунун жана Инха университетинин клиникасынын колдоосу менен түзүлдү. Симуляциялык борбор заманбап тренажёрлор жана VR-технологиялар менен жабдылган. Бул жай дарыгерлер үчүн өзгөчө кырдаалда бейтаптын оор жаракаттарын, критикалык абалдарын дарылоону талдап, практикалык машыгуу жүргүзүшөт.

## 8,5 МИҢДЕН АШУУН УНАА МЫЙЗАМДАШТЫРЫЛГАН

Экономика жана коммерция министрлиги чет өлкөлүк номурлар менен жүргөн унаалардын, анын ичинде Россиядан алып келинген унаалардын ээлерине 1-октябрга чейин унааларын жооптуу мамлекеттик органда мыйзамдаштырып каттоодон өткөрүүгө чакырат. Министрлик өнөктүк аяктагандан кийин мыйзамдаштырылбаган унааларды пайдалануу учурдагы мыйзамдарды бузуу катары каралаарын кабарлады. Бүгүнкү күнгө 8,5 миңден ашуун унаа мыйзамдаштырылган.

Мыйзамдаштыруу үчүн төлөнүүчү жыйымдын көлөмү, кыймылдаткычынын көлөмү 2000 куб. см чейин болгон унаалар үчүн – 50 000 сом. Кыймылдаткычынын көлөмү 2001 куб. см жогору унаалар үчүн – 100 000 сомду түзөт.

**"Эркин-Тоо" пресс**